**ФОНД ПОДДЕРЖКИ ПОЛИТИКИ ТЮРОКЯЗЫЧНЫХ ГОСУДАРСТВ, г. БИШКЕК**

**ТҮРК ТИЛДҮҮ МАМЛЕКЕТТЕРДИН САЯСАТТЫН КОЛДОО ФОНДУ, БИШКЕК ш.**

**TÜRKDİLLİ DÖVLƏTLƏRİN SİYASƏTİNƏ DƏSTƏK FONDU, BİŞKEK ş.**

Эта книга  издана по заказу фонда поддержки
политики Тюркоязычных государств.

Бул китеп Түрк тилдүү  мамлекеттердин саясатын
колдоо Фондунун  заказы менен  басылды.

Bu kitab Türkdilli dövlətlərin siyasətinə dəstək fondunun
sifarişi ilə  nəşr edilmişdir.

Бул китеп **“Түрк тилдүү Мамлекеттердин саясатын колдоо”** фондунун заказы боюнча которулуп басылды. Китеп бекер таркатылат.

Bu kitab Azerbaycan həqiqətlərinin təbliği və öyrənilməsi çərçivəsində "Türkdilli Dövlətlərin Siyasətinə Dəstək" fondunun sifarişi ilə nəşr edilmişdir. Kitab pulsuz yayılır.

Книга переведена и издана по заказу Фонда «Поддержки Политики Тюркоязычных Государств» в рамках пропаганды реалии Азербайджана . Книга распространяется бесплатно.

Рамиз Мехтиев

# ГОРИС – 2010: Абсурд театрынын сезону

«Бийиктик»
Бишкек–2012

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–5
М 97

**Рамиз Мехтиев.**

М 97 Горис–2010: Абсурд театрынын сезону. – Б.: «Бийиктик», 2012. – 96 б.

ISBN 978–9967–13–5-856–8

Бул китепте Азербайжан Улуттук Илимдер Академиясынын анык мүчөсү, көрүнүктүү окумуштуу-философ Рамиз Мехтиевдин илимий аргументтер аркылуу армян лидерлеринин тарыхты боёмолоп, эл аралык коомчулукту жаңы, жалган маалыматтар менен ишендирүү аракеттеринин бетин ачып, тарыхый фактыларга таянып армян мамлекети Азербайжандын гана жеринде түзүлгөндүгүн аныктап берет. Академик бул китебинде илимий далилдердин негизинде армян идеологдорунун жаңы «изилдөөлөрүнө» татыктуу жоопторду берип, бул «түкшөмөлдөрдүн» жана «изилдөөлөрдүн» негизсиздигин далилдейт.

Байыркы жана азыркы учурдагы Азербайжандын картасы жарыяланган бул китеп тарыхчыларды, саясатчыларды, эл аралык маселелер боюнча адистерди жана окурмандардын кеңири катмарын кызыктырат..

УДК 821.51
Б 4702300200–12 ББК 84 Ки 7–5

ISBN 978–9967–13–856–8

© Мехтиев Р., 2012.

# АВТОР ЖӨНҮНДӨ

***Мехтиев Рамиз Энвер*** *оглу 1938-жылы 17-апрелде Баку шаарында туулган.*

*1957-жылы Бакудагы деңизде жүрүү мектебин аяктаган.*

*1961–1966-жылдары Азербайжан мамлекеттик университетинин тарых факультетинде билим алган.*

*1965-жылы 5-курста окуп жүргөн мезгилинде Азербайжандын Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзунун Борбордук комитетине ишке чакырылат. Ал жакта (1965–67-жж.) жогорку окуу жайларынын студенттер бөлүмүнүн нускачысы болуп эмгектенген.*

*1967–68-жылдары Нахчыва облустук комсомол комитетинин экинчи катчысы болуп иштеген.*

*1968-жылы М.В.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин философия факультетинин аспирантурасына тапшырган.*

*1972-жылы май айында диссертациясын ийгиликтүү жактап, философия илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук наамга ээ болгон.*

*1972-жылдан 1974-жылга дейре Азербайжан мамлекеттик университетинде алгач окутуучу, андан соң улук окутуучу болуп иштейт.*

*1974-жылдын май айынан тарта Азербайжан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин Пропаганда жана үгүт бөлүмүнүн лекторлук кызматын аткарган, ал эми 1976-жыл-*

*дан 1978-жылга чейин Илим жана билим берүү бөлүмүнүн башчысынын орун басары болгон.*

*1978–1980-жылдары Азербайжан Коммунисттик партиясынын райондук комитетинин 26 бакулук комиссарлар районунун (азыр Сабаиль району) биринчи катчысы болуп иштеген.*

*1980-жылдын июнь айынан тарта Азербайжан Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин Илим жана билим берүү бөлүмүнүн, 1981-1983-жылдары – уюштуруу-партиялык иштер бөлүмүнүн башчысы, 1983-1988-жылдары Азербайжандын КП БКсынын катчысы болуп иштеп, идеология, билим берүү, илим, маданият жана эл аралык байланыш маселелерине жооп берген.*

## ГОРИС – 2010: АБСУРД ТЕАТРДЫН СЕЗОНУ

*Тоолуу-Карабах чырында ээлеген позициясы үчүн Азербайжан Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин 1988-жылкы 31-майдагы пленумунда Абдурахман Везировдун койгон талабына ылайык кызматынан бошотулган.*

*1988-жылдын июнь айында Азербайжан Илимдер Академиясынын коомдук-саясий изилдөө жана маалымат институтунда бөлүм башчылык кызматка дайындалган..*

*1993-жылы философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн докторлук диссертациясын жактаган.*

*1994-жылы февраль айында Азербайжан Республикасынын Президентинин Аткаруу аппаратынын бөлүм башчысы болуп дайындалган.*

*1995-жылдын февраль айынан баштап Азербайжан Республикасынын Президентинин Аткаруу аппаратынын (азыркы учурда –администрация) жетекчилиги кызматында эмгектенет.*

*1980-1990-жылдары Азербайжан ССРинин Жогорку Кеңешинин депутаты, 1995-2000-жылдары – Азербайжан Республикасынын Милли Межилисинин депутаты болуп турган.*

*Эки жолу «Эмгек Кызыл туу» ордени менен, 2008-жылы «Истиглал» ордени менен сыйланган.*

*1999-жылдан тарта Азербайжан Республикасынын Президентинин алдындагы Мамлекеттик*

*башкаруу Академиясынын мамлекеттик кызмат жана кадр саясаты кафедрасынын башчысы кызматын өтөгөн.*

*2007-жылы Азербайжан Улуттук Илимдер Академиясынын анык мүчөсү болуп шайланган.*

*Социалдык-саясий көйгөйлөрдү камтыган жана азыркы Азербайжан мамлекетинин жана коомунун өнүгүүсү менен байланышкан бир нече китептердин жана илимий макалалардын автору.*

*Үй-бүлөлүү. Жубайы – илимдин доктору, профессор, Баку Мамлекеттик Университетинин эсептөө математикасы кафедрасынын башчысы. Бир кыз, бир уулдун атасы жана беш немереси бар.*

## ГОРИС – 2010: АБСУРД ТЕАТРДЫН СЕЗОНУ

2010-жылдын 16–октябрында биз армяндардын абсурд театрынын сценасында болуп өткөн кезектеги спектаклинин күбөсү болдук. Бул жолу ал Ереван театрынын сценасында эмес, Горис шаарында коюлуп, эң башкы каарманы катардагы эле артист эмес Арменияныn президенти, ооба, так ошол 1992-жылы февраль айында Ходжалин геноцидин уюштуруучулардын жана Тоолуу Карабах менен ага жакын жайгашкан аймактардагы азербайжан элине каршы жүргүзүлгөн этникалык тазалоочулардын бири Серж Саргсян болду.

Бул жолу ал академиктин кийимин кийип алып, театр сценасынан бардык окумуштуулар дүйнөсүн тарых илиминдеги «жаңы» ачылыштары менен таң калтыргысы келди.

Армян диаспорасынын журналисттеринин алдында чыгып сүйлөгөн «чыгаан чыгармаларынын» биринде, тутумунда бир да армян болбогон кайсы бир «генетиктердин жана лингвисттердин» илимий чоң тобу татаал жана узакка созулган изилдөөнү ишке ашыргандыгы тууралуу маалымат берди.

**Президенттигинин легитимдүүлүгүнө жада калса армян коомчулугу да күмөн кылган Серж Саргсян Горис театрынын сахнасынан армян коомчулугуна татыктуу болгон саясий жетекчинин жүзүн эмес, өзүнүн ички дүйнөсүнүн жардылыгын жана**

**билим деңгээлинин төмөндүгүн чагылдырган кескин билдирүүлөрдү жасады.**

Анда «Акыркы маалыматтарга караганда, армян тили бери дегенде сегиз миң жылдык тарыхка ээ. Бул болсо биз улут катары кеминде сегиз миң жылдан бери жашап келе жаткандыгыбызды тастыктайт» деп айтылган.

Лысенколук куугунтуктоолордон кийинки мезгилде дүйнөлүк илим, генетиканын тигил же бул тилдин жашын аныктоо жөндөмү бар экендиги сыяктуу сенсациялык ачылыштарды жасабагандыгы жалпыга маалым.

Аталган окумуштуу канча аракет кылса да, бул жаңы «пьесага» олуттуу мүнөз берип, мазмунунун жайсыздыгын жашырып коё албады.

Ошентсе да, ролго терең кирип алуу менен, президенттигинин легитимдүүлүгүнө жада калса армян коомчулугу да күмөн кылган Серж Саргсян, Горис театрынын сахнасынан армян коомчулугуна татыктуу болгон саясий жетекчисинин жүзүн эмес, өзүнүн ички дүйнөсүнүн жардылыгын жана билим деңгээлинин төмөндүгүн чагылдырган кескин билдирүүлөрдү жасагандыгы белгилүү.

Кылымдар бою азербайжан эли менен эриш-аркак болуп жашап келе жаткан жана мындан ары да жашай бере турган армян эли, деңгээли төмөн адам сүйлөй турган сөздөрдү эл алдында сүйлөөгө жол бербей турган жана ошону менен бирге өзүн гана эмес,

өзү катарында болгон белдүү атуулдардын коомун да шылдыңга калтырбаган, билимдүү жетекчиге татыктуу экендиги талашсыз.

Серж Саргсян диаспорадагы журналисттерди Арменияга чакырып, мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, аймактарда болуп жаткан окуяларды объективдүү жана калыс чагылдырууга чакыруунун ордуна, өзүнүн кем акылдыгын көрсөтүп, катышуучуларга «президенттик» тапшырмасын берген: тарыхый фактыларды бурмалап, илимий булактардагы маалыматтарды четке кагып, өзүлөрү каалагандай кайрадан жазып чыгууга үгүттөп, чыныгы тарыхый маалыматтардын ордуна Серж Саргсян сунуштаган мифтер менен божомолдорго таянууга буйрук кылган. Толук кандуу академиялык чөйрөдө адатта мамлекет башчысы илимий изилдөөө ишине киришпейт, тескерисинче, окумуштууларга актуалдуу проблемаларды изилдеп чыгып, аларды басма сөз каражаттары аркылуу жарыялоого жана маалыматтар базасында болгон маселелерди жалпы массадан бирөөнү экинчисинен артык көрбөй профессионалдык, ар тараптуу, калыс жана эң маанилүү сынчыл талдоонун негизинде, алынган жыйынтыктарды кенен талкуулоо үчүн шарт түзүп берет..

**Пайда-батасыз согуштан, миңдеп кыйылган өмүрлөрдөн, миллиондогон качкындардан, талкалануулардан, гүлдөп турган жердин ордуна пай-**

**да болгон минага толгон талаалардан, социалдык чыгымдардын ордун баскан согуш чыгымдарынан башка алар эч нерсеге жетише алган жок – Тоолуу Карабахты Арменияга кошууга эч мүмкүн болбоду жана ал аракет 20 жыл мурун да, бүгүн да, 100 жылдан кийин да, эч качан ишке ашпайт..**

Бүткүл дүйнөдө кабыл алынган илимий мамиле жана изилдөө ишинин маданияты Армениянын жетекчилерине тааныш эместей көрүнөт,болбосо өлкөсүнө келген меймандарга, арасында балким өз ишинин чыныгы адистери да болгондур, илимий чөйрөдө күлкүлүү, ал эми мамлекет башчысынын оозунан шылдың катары угулган такыр башка усулдарды колдонууга кеңеш беришмек эмес.

Армян мамлекетинин башчысы чогулган элге эмес, сырткы дүйнөгө кайрылып жаткандай болуп,эч уялбастан изилдөөнүн жыйынтыктары даяр экендигин, эми окумуштуулардын бардык иш-чаралары чындыкты издөөгө эмес (ал табылды!), армян мамлекетинин башчысы жана анын командасы тарабынан, алдын–ала даярдалган пропагандалык лозунгдарды көптөгөн факты, документтер аларга каршы болуп турса дагылар, ырастоого багытталышы керек  экендигин билдирди.

Илимдин саясий максаттарга (ал гана эмес мифтерге да) баш ийиши норма катары эсептелген өлкөдө мамлекет башчысынын оозунан бүгүн Гори-

сте айтылган сыяктуу билдирүүлөрдүн жасалышы өөн көрүнбөй калды.

Мындан жетимиш жыл мурда ушул сыяктуу эле арий расасынын өзгөчөлүгүн белгилеген «баалуу» директивалар немец окумуштуулары жана үчүнчү рейхтин жетекчилери тарабынан да айтылган. Бир улуттун экинчи бир улуттан артыкчылыгы, бир улуттун байыркылыгы жана таза кандуулугу, экинчи бир улуттун келгиндиги жана аралашма экендиги тууралуу кептердин жыйынтыгы эмнеге алып келгендиги бардыгыбызга белгилүү.

Өз элин, дал ошондой коркунучтуу багытта алып бараткан Арменияның азыркы жетекчилери жакынкы эле окуядан сабак албагандыгы өкүндүрөт.

Армян-Азербайжан, тоолуу карабах чырын тынчтык жолу менен чечүү тууралуу сүйлөшүү процесси жүрүп жана бардыгы чырдын күнөөкөрү Армениядан 1975-жылкы Хельсинкилик актынын жоболоруна негизделип жаңыртылган Мадрид принциптерин кабыл алышын чыдап күтүп, алдыңкы өлкөлөрдүн эл аралык уюмдары жана парламенттери биринин артынан бири Азербайжандын аймактык бүтүндүгүн, Тоолуу Карабахтын Азербайжанга тиешелүүлүгүн, улуттун өзүн-өзү аныктоо принцибин уруксатсыз бурмалай берүүнүн ыксыздыгын, Армения тарабынан басылып алынган жерлерди, бошотуу жана аргасыз көчмөндөрдүн өз үйлөрүнө кайтуусунун зарылды-

гын аныктаган резолюцияларды кабыл алып жаткан мезгилде, Серж Саргсян бул документтерди байкагысы да келбей жана эл аралык коомчулуктун көз карашын тоготпой, диаспоралардан келген өз меймандарына *«экинчи Армян мамлекетинин, Тоолуу-Карабах Республикасынын орношуна, бекемделишине, өнүгүүсүнө жана эл аралык таанымга ээ болуусуна» бардык аракеттерин жумшоого кеңеш берет..*

Айлана-тегерегине көз жүгүртүп, өзүнүн эл аралык коомчулукта жалгыз калгандыгын баамдоонун жана кетирген каталарын оңдоонун ордуна Арменияның президенти журналисттерди, ал каталарды оңдоо азыркыга караганда кийин кыйыныраак болорун түшүнбөй, кайра ошол каталарды андан ары тереңдете берүүгө чакырган...

Армения өзүн туңгуюкка канчалык терең таккан сайын, андан чыгуу ошончолук узагыраак жана татаалыраак болот жана ал үчүн жоопту мамлекет жетекчилери берет.

Эл аралык коомчулук бир нече резолюциялар аркылуу бул иш эч качан жүзөгө ашпай тургандыгын так кесе билдиргенден кийин «Экинчи армян мамлекетин» (анан үчүнчү да, төртүнчү да) эл аралык таануу тууралуу дагы кандай сөз болушу мүмкүн.Бирок арменияның жетекчилери өз мекендештерин дагы эле куру кыял менен тойгузуп келе жатышат, алар эмнеге ишенишет? Сыйкыр-

дуу күчкөбү? Же болбосо Азербайжан да, дүйнөлүк коомчулук да баш ийип бере турган рекорддук кежирликкеби?

Бул кыялдан арылуу учур деле келди окшойт?

Өзүлөрүнүн мекендештерин Ереванды жана Ханкендинин көчөлөрүнө жана аянттарына алып чыгышкан 1980-жылдардын авантюристтери балким ошол учурда «миацумдун» келечексиз жана перспективасыз экендигин баамдай алышпаса, ошол кайгылуу катаны Арменияныны жетекчилери бүгүн түшүнүүгө мезгил келип жеткендир?..

Ошол жылдары «Крунк» жана «Карабах» комитеттеринин жалган патриоттору өз элин бул маанисиз авантюрага дуушар кылбаганда, Түштүк Кавказдын аймагы азыркы учурда кандай болмогун мамлекеттин азыркы жетекчилери жөнөкөй армяндар сыяктуу эле ойлонушту бекен?

Адамдын улуту анча мааниге ээ болбогон бул үч өлкө тыгыз интегралдашкан экономикалуу үлгүлүү аймак болооруна шек жок эле, анда ар бир өлкө өз өзгөчөлүгүн, ал эми элдери өз маданиятын өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болмок.

**Армения азыркы учурда толугу менен башка мамлекеттерден бөлүнүп калган, транспорт жолдору жана май, газ түтүктөрү аны айланып өтүшөт, деңизге чыгуучу жолу жок, чек арасынын көпчүлүк бөлүгү жабык, анын төрт чек арасынын экөөсү жабык бойдон кала берет.**

**Өзүнүн күнөөсү менен чек арасынын 85 пайызы жабылып калган дагы кайсы өлкө бар экен дүйнөдө?**

Жыйынтыгында бул авантюристтер эмнеге жетишти?

Пайда-батасыз согуштан, миңдеп кыйылган өмүрлөрдөн, миллиондогон качкындардан, кыйроолордон, гүлдөп турган жердин ордуна минага толгон талаалардан, социалдык чыгымдардын ордун баскан согуш чыгымдарынан башка алар эч нерсеге жетише алган жок – Тоолуу Карабахты Арменияга кошо алышкан жок, аны 20 жыл мурда да, азыр да, 100 жылдан кийин да тикеден тике, же белгилүү «эгемендик» аркылуу да кошо алышпайт.

Андыктан, бул катачылыкты моюнга алып, диаспорадан келген журналисттерге акыл–эстүүрөөк кеңештерди берүү учуру келди го?!

Гористе чыгып сүйлөгөн сөзүндө Серж Саргсян Азербайжанда Степан Шаумянды «каракчы» деп аташат экен деп кыжыры келген. Бирок, армяндарга жан тартып, аларга мамлекет түзүп берген коммунисттик режим тарыхтын барактарына сиңип кетти. Андыктан, бүгүн биз өткөн мезгилибиздеги окуяларга кайрадан көз жүгүртө берсек болот. Бул үчүн бизге архивдик материалдар жардам берет. Президент Серж Саргсян өтүп кеткен мезгилдин идеологиялык цитаталарына жамынууга канчалык аракет кылса да, фактылардан ка-

чып кутула албайт. Степан Шаумяндын ысымы азербайжан элинин XX кылымдагы тарыхынын эң трагедиялуу барактары менен байланышкан.

Большевиктик кыймылдын туусуна жамынып сүйлөгөн Шаумяндын негизги максаты Азербайжан менен Түркиянын бир кыйла аймагында армян мамлекетин курууга багытталган «Дашнакцутюн» партиясынын программасын ишке ашыруу болгон. Азербайжан жана түрк элдерин кырып-жойгондо гана бул максат ишке ашмак. Андыктан, армян жетекчилери бул мүмкүнчүлүктөн кыя өтүшкөн эмес.

**Азербайжандын эл аралык аброюнун, экономикалык жана аскер күчүнүн өнүккөндүгүнө байланыштуу, Армения өзүнөн башка мүчөлөрүнүн бардыгы Азербайжанга достук мамиледеги өлкөлөрдөн турган, Арменияньн саясатынын басып алуучулук маңызын түшүнгөн аскер блогунун артында жашынып калууга аракеттенип жатат.**

1918-жылы 11-январда Россиянын большевиктик өкмөтүнүн «Россия тарабынан басылып алынган Түрк Армениясынын армяндарынын өз тагдырын өзү чечүүдөн баштап толук көз карандысыздыкка чейинки укугун колдогон декрети элге жарыялангандан кийин С. Шаумян армяндык экспансиянын жолуна баш оту менен кирип кеткен.

1918-жылдын март-апрель айларында азербайжан элин массалык түрдө кыруу үчүн даш-

нактардын куралданган тобун пайдалангандыгы С.Шаумяндын эки партияга тең таандык экендигин далилдеп турат.

Кийин С.Шаумян: «Биз шылтоо таап... бардык фронттордо чабуул жасадык,.. биздин тутуму 6 миңге жакын адамдан турган куралдуу күчүбүз бар эле. «Дашнакцутюндан» да биздин карамагыбызга 3–4 миңге жакын улуттук бөлүктөр кирген. Кийинки бөлүктөрдүн жарандык согушка катышуусу, согушту улуттук кыргындын мүнөзүнө айлантып жиберди, бирок мындан качып кутулууга мүмкүнчүлүк болгон эмес. Биз аны билип туруп эле, атайын жасадык. Алар (т.а. азербайжан саясий күчтөрү) Бакуда жеңишке жетишсе, шаар Азербайжандын борбору болуп жарыяланмак»[1] – деп мойнуна алган.

Ошонун негизинде үч күн ичинде, т.а., 1918-жылдын 30-мартынан 1 –апрелине чейин большевиктик –дашнактык аскерлер, улуттук таандыгына карай 12 миңден ашык азербайжандарды кырып жок кылып жиберишкен.

Мына ушул окуялардан соң С.Шаумянды азербайжандарга геноцидди уюштуруучулардын башчысы деп кантип эсептебейбиз.

---

[1] Шаумян, Степан Г. Тандалган чыгармалар. Т.2. Москва: Политиздат, 1978, 246 б.

Гористе болгон жолугушууда журналисттерди «болгонду бурмалабай» «Арцах тууралуу «чындыкты активдүү чагылдырууга» чакырышкан.

Жакшы кеңешти укпай коюуга болбойт.. Бирок, кайсы бир чет өлкөлүк телекөрсөтүү же басма сөз кызматы чындыкты бурмалабай – армян көркоолору тарабынан талкаланган жана өрттөлүп кеткен Шушуну, Тоолуу Карабахка жакын жайгашкан 7 аймакты, кордолгон жана талкаланган маданий эстеликтерди, бош калган айылдарды, Серж Саргсяндын мурдагы кызматташтары тарабынан Ходжалыда жасалган жырткычтыктарды чагылдырган видеотасмаларды көрсөткөн сайын Арменияда жана диаспорада тез аранын ичинде чуру-чуу башталып кетет, себеби бул көрүнүштөр Армениянын жана диаспоранын кызыкчылыгына жооп бербейт. Алар медалдын бир тарабын гана «чындык» катары түшүнүшөт.

«Арцах көйгөйлөрү» жана «бүгүнкү арцахчынын күнүмдүк жашоосу» тууралуу айтканда алар Тоолуу Карабахтын жашоочуларынын үчтөн бирин түзгөн элди жокко санап, этникалык армяндарды гана эске алышат.

Эгер чет элдик журналист ушул сыяктуу кеңештерге ишенип, бүгүнкү өз жерине кайтууну күтүп жүрүшкөн «арцахтык-азербайжандын» түйшүктөрүн бурмалабастан чагылдыруу үчүн Тоолуу Карабахтын азербайжандары жашаган убак-

тылуу айылдарына барып калса, алар өтө ыңгайсыз абалда калышат эле.

Арменияныn жетекчилеринин «объективдүү чындык» жөнүндө геббельстикиндей эле, армян эместерге орун жок дегендей өз түшүнүктөрү бар.

Гористе Серж Саргсян Азербайжанды нефть долларларын *«жалган маалыматтарды таркатууга, жасалмалыкка жана жалган пропаганда жүргүзүүгө»* коротуп жатат деп күнөөлөгөн, ага «бүткүл дүйнөдөгү адам потенциалын» каршы коюуга убада берген.

Өзүнүн «жашыруун куралы» катары кармап жүргөн «Бүткүл дүйнөдөгү адам потенциалы» улгайган жана колунда жок адамдарды тоноодон топтолгон акчаларды, шайлоо компаниясына мүчөлүк акы катары жиберимиш болуп, паракор конгрессмендерди сатып алууга жумшап жүргөн, жакында эле АКШда кармалган армениялык кылмышкерлердин тобун айтса керек.

Катардагы салык төлөөчүлөрдөн тонолгон акчаларга сатылган сенаторлордун, палата мүчөлөрүнүн оозу менен ушунча жыл бою армяндар, Азербайжан жана ал аймакта болуп жаткан процесстер тууралуу жөнү жок жалганды жана кара пропаганданы таратып келатышат. Кийин бул криминалдык байланыштардын жибинин учу Арменияныn жогорку даражадагы адамдарына барып такалаары билинди.

Ал эми нефть долларларынын тагдыры тууа-

луу Арменияның жетекчилери кабатырланбай эле койсо болот – алар мектептерди, ооруканаларды, кылымдар бою жашаган жерлеринен, өткөн согушта өзүлөрү үчүн саясий мансап жасап алып, азыр болсо диаспоранын журналисттерине «баалуу көрсөтмөлөрдү» берип жаткан мурдагы талаа командирлери тарабынан кубаланган, аргасыз көчмөндөрдүн убактылуу айылдарын курууга жумшалып жатат.

Алар журналисттерден – Арменияның башкаруу режимине, согуш талаасында ээ болгон «жеңишти» дипломатиялык жактан бекитип алууга жардам берүүнү суранып жатышат.

Ушунча жылдар бою Арменияның жетекчилиги, коңшу мамлекетке агрессия жүргүзүү, анын аймагын басып алуу, айыл-шаарларын жырткычтык менен талкалап, этникалык тазалоо жүргүзүү менен Армения,иш жүзүндө жеңишке эмес, жеңилип калгандыгын түшүнгөн жок!

Ал көптөгөн мүмкүнчүлүктөрүн колдон чыгарып, тынчтыкты уттуруп жиберди. Муну түшүнүү үчүн жыл сайын мындан ары да өсө бере турган ажырымдарга баа берүү аркылуу, бүгүнкү Азербайжанды Армения менен салыштырып көрүү эле жетиштүү болот.

Дипломатиялык жактан Армения, артынан башка мүнөздөгү жеңилүүнү ээрчитип келүүчү жеңилүү багытында бара жатат.

Туңгуюкка түшүп бара жаткан өлкөнүн жетекчилери кеч боло электе азыртан эле өз жүзүн сактап, кадыр-баркы менен ушул абалдан чыгып кетүүгө шашылуу убакыты келди.

**Армян тараптын ал жагынан да, бул жагынан да аргументтик негизи алсыз жана ал ошол бойдон кала берет, анткени ал тарыхый жактан алганда жалганчылыкка,жасалмалыкка жана илимий эмес тыянактарга, ал эми укуктук жактан алганда – эл аралык укуктун жоболорун эркин бурмалоого негизделген.**

Азыр Армения башка мамлекеттерден таптакыр бөлүнүп калган, унаа жолдору, май жана газ түтүктөрү аны айланып өтүшөт, деңизге чыгуучу жолдору жок,чек арасынын көпчүлүк бөлүгү жабык, анын төрт тарабындагы чек арасынын экөө мындан ары да жабык бойдон калаары шексиз. Мындан башка кайсы өлкөнүн чек арасынын 85% өзүнүн күнөөсү менен жабык турат? Дүйнөдө мындай экинчи мамлекет жок. Армениянын элинин саны токтоосуз кыскарып бара жатат. БУУнун Өнүктүрүү программасынын жетекчилиги астында чыгарылып жаткан Адам потенциалын өнүктүрүү тууралуу докладындагы маалыматтар боюнча Армениядан жылына 23 төн 27 миңге чейинки адам чыгып кетет экен..[1]

[1]«Армениядагы миграция: оңго караганда, терс көп» БУУнун уналгысы. 2010-ж. 14-май.. http://www.unmultimedia. org/radio/russian/detail/69756.html (кайрылуу күнү: 20 -сентябрь 2010-ж.).

Ал эми армяндардын өкмөттүк эмес уюмдарынын маалыматы боюнча 1991-жылдан тарта өлкөнү 1,5 млн. адам таштап чыгып кеткени белгиленген.

**Азербайжандын тарыхый жазууларында христиан динин биринчилерден болуп кавказдык албандыктар кабыл алгандыгы тууралуу эч качан жазылган эмес. Ал эми армян тарыхчылары Армения 301-жылы христианчылыкты мамлекеттик дин катары кабыл алган дүйнөдөгү биринчи өлкө катары мифти жаратышып, аны тырышып үгүттөп келишет.**

Жыйырма жыл мурда Армения Республикасында, Арцахта жана Джавахкада 3,7 млн армян жашаган. Азыр ушул эле аймакта 2,2-2.3 млн армян жашайт, тактап айтканда, армяндардын саны 40% га азайган.

Айла кеткендиктен жана тез аранын ичинде көчүп кетүүнү каалагандыктан өлкөдө, карапайым калк гана эмес жогорку мамлекеттик чиновниктер менен коопсуздук органдарынын генералдарына чейин америкалык Green Card лоторея оюнун ойношот. Гэллаптын кызматы совет мезгилинен кийинки республикалардан чыгып кетүүнү каалоочулардын көбү Арменияда жашаарын белгилешкен. Арменияда алардын саны жалпы калкынын 39% ын түзөт[1]. Жа-

[1]«Армения: Закавказьенин жарды тууганыбы же инвесторго келишимдүү бейтаанышпы?» Биржалык Лидер. 24 –октябрь, 2010 –ж. http:// profi -forex.org/news/entry1008057044.html (кайрылуу күнү: 30-октябрь, 2010-ж.).

кында президенттин өзү да качып кетиши мүмкүн. Бардык ири ишканалар мамлекетке таандык болбой калган, алар мамлекеттик карызды төлөөнүн эсебинен сатылып кеткен. Армения өзүнүн бардык мамлекеттердегидей эле мамлекеттүүлүгүнүн символдорунун бири, улуттук сыймыктын жана кадырынын элементи болгон мамлекеттик чек арасын өз алдынча коргоп турууга жөндөмсүз.

Чек арасын коргоп турууга алардын жеткиликтүү сандагы аскери жок. Ошентсе да бул өлкө Азербайжандын эсебинен өз чек арасын кеңейтүүгө эки көзү төрт... Максаты эмнеде? Башка мамлекеттин чек арачыларынан аларды кайтарып берүүсүн өтүнүү үчүнбү? Башка аймакты басып алып, ага адамдарды жайгаштыра албай жаткан Армения, өзүнүн татаал демографиялык абалы менен жакында калкы жок калары шексиз. Армяндар өз мамлекетин ушунчалык оңой эле таштап, башка жакка көчүп кетишин түшүндүрүү татаал деле эмес, себеби алар инстинктик деңгээлде өзүлөрүнүн бул жерде келгин экендиктерин билгендиктен, жер менен болгон байланышын сезишпейт, ага тартылып турушпайт. Ошондуктан көчүп кете берүү алар үчүн жеңил..

Мындан сырткары алар азербайжан эли өз жерин бошотуп алууга чечкиндүү киришкендигин жана ал өзүнүн бүтүндүгүн калыбына келтирмейин, Арменияда тынч келечек болбостугун жана аскер иш аракеттери дайыма күн тартибинде кала берерин жакшы түшүнүшөт.

Азербайжандын эл аралык аброюнун, экономикасынын жана аскер күчүнүн өсүп бараткандын көрүп Армения өзүнөн башка мүчөлөрүнүн бардыгы Азербайжанга достук мамиледеги өлкөлөрдөн турган жана Арменияныn басып алуучулук оюн түшүнгөн Аскер блогунун артына жашынууга аракеттенип жатат..

Азербайжандын коргонуу мүнөздөгү бир эки комплекске ээ болуу мүмкүнчүлүгү пайда болгондугу тууралуу маалымат, армян жетекчилигин укмуш дүрбөлөңгө салган..

Ушуну да алар «жеңиш» деп эсептешеби?

Жеңгендер өзүлөрүн мындай алып жүрүшпөйт жана башка мамлекеттерден өзү жеңген өлкөдөн коргоп калууну суранбайт! Балким, Серж Саргсян «жеңиш» катары, ал өзү мойнуна алгандай, армяндардын төбөлдөрү *«ал тууралуу айткысы келбеген»* операцияны[1] эсептегендир.

Бир нече жыл мурда британия журналистине өз кызматташтары ходжалиндик качкындарды атууга катышкандыктарын моюнга алган, ал эми бүгүн «жалган» маалыматтар жана «жасалмалоо» тууралуу эки жүздөнүп нааразы болуп турган ошол эле Саргсян бир жыл мурда Азербайжанда чындыкты дүйнөлүк коомчулукка жеткирүү аракетинин күчөп бараткандын көрүп ага каршы тура турган кызматты уюштурууну тапшырган.

---

[1]Waal, Thomas de. Black Garden: Armenia and Azerbaijan through

Кыска мөөнөттүн ичинде жаңы түзүлүш эң алгачкы жыйынтыктарын берди: Саргсяндын өзүнүн армян аскерлери ходжалиндиктерди кыргандыгы тууралуу:«Ходжалыга чейин азербайжандыктар биз менен тамашалашса болот, армяндар карапайым элге кол көтөрө албайт деп ойлошкон. А биз болсок бул стереотипти жок кыла алдык»[1] деген моюнга алуусун жокко чыгарган уятсыз мифти ойлоп табышты..

Ал эми Гористе баягы эле Саргсян журналисттерге «жалган жана жасалма жол менен алыс кетүүгө мүмкүн эместигин» айтып саймедиреп жатты.

Арменияның азыркы жетекчилери «чындыкты» дал ушундай түшүнөт. Серж Саргсяндын *«Согушту Азербайжан өзү баштап, кайра эле өзү жеңилип калды»* деген жоопкерчиликсиз билдирүүсү менен бизди таң калтырды.

Армения тараптан агрессияны башынан өткөргөн жана ага эч качан аймактык талап койбогон (тарыхый жеткиликтүү негиздерге карабай) Азербайжан бүгүн агрессор-мамлекеттин, оккупант-мамлекеттин жана эл аралык конвенцияны бузган бузуку мамлекет башчысынын оозунан эпсиз күнөөлөөлөрдү угуп келатат.

Ушундан улам Геббельстин «Калп канчалык уятсыз болсо, ал ошончолук тез таркайт» деген сөзүн аргасыздан эстейсиң.

[1]Ibid – p. 172

Ошону менен бирге, Польшанын Германияга, Кувейттин Иракка «кол салуусу» эске келет. Армениядан армяндарды кубалап чыгып, марионеттик тартип түзүү үчүн анын аймагынын бештен бир бөлүгүн басып алуу тилеги Азербайжанда эч качан болгон эмес.

Мындай наадандыкка барган авторго башка маселе тууралуу ойлонуу ашыкча болбостур: ал белгилегендей, жеңилүүнүн натыйжасы эч качан жагымдуу болбогон соң, анда эмне үчүн армяндар ондогон жылдар бою Биринчи дүйнөлүк согуш жылдарындагы Осмон Империясындагы армян козголоңунун натыйжасы тууралуу боздоп келет?.

Өзүлөрү эле өз мамлекетин сатып жиберишти, өзүлөрү өз мамлекетинин артынан сокку урду, өзүлөрү душманы тарапка өтүп кетишти, өзүлөрү өлкөнүн чыгышында мусулман элин биринчилерден болуп кыра башташты, эми өзүлөрү анын натыйжасы үчүн жооп берип жатышат!

Ал учурда «геноцид» деген сөз чыга элек болгондуктан, армяндыктар кайсы «геноцид» тууралуу айтып жатышат?

Ошону менен, алар мусулмандарды өздөрү кырбагандай, 1904-1907-жылдары Намибияда герреро жана готтентот элин кырып жок кылуу болбогондой, XX кылымдагы геноциддин «алгачкы курмандыктары» болгулары келишет.

Бирөөнүн жерин басып алып, аны өзүнүн менчиги катары жарыялай коючу мезгил артта кал-

ган. Дүйнө азыр мурдагыдай эмес. Ошондуктан өзүлөрүнүн аймактык орунсуз талаптарын коңшуларына негиздөө үчүн Арменияныn экспансионисттик башчылары алды менен *«Бул жер качандыр бир учурда биздин жер болгон, биз бул жактын жергиликтүү элибиз, силер – келгинсиңер, демек, биздин укугубуз бар»* деген тарыхый аргументтерге кайрылууну чечишкен..

Бул үчүн фактылар менен эч кандай жалпылыгы болбогон тарыхтын жасалмаланган версиясы ойлонуп табылган.

Азыркы мезгилде аймактык талаш-тартыштар орто кылымдык тар ой-жүгүртүүнүн чегинде жана тарыхый тегиздикте чечилбестен, бир гана эл аралык укуктук негизинде чечилерин түшүнгөндө, Арменияда өзүлөрүнүн аймактык талаптарына эл аралык укукта болгон улуттун өзүн-өзү аныктоо принцибин негиз кыла коюуну чечишкен.

Армян тараптын ал жагынан да, бул жагынан да аргументтик базасы тарыхый жактан жалганга, жасалмалыкка жана илимий эмес тыянактарга, ал эми укуктук жактан – эл аралык укуктун жоболорунун эркин бурмалоого негизделгендиктен алсыз жана мындан ары да алсыз бойдон кала берет. Себеби мындай аргумент ыксыз жана жемишсиз. Ошондуктан армяндардын талабы дүйнөлүк коомчулуктун колдоосуна алынбайт.

Тарыхий маалыматтарды жасалмалоо боюнча Арменияны дүйнөнүн чемпиону деп атасак болот. Дүйнөдө бул жагынан ага теңдеш бир да өлкө жок.

Өз тарыхын узартууга жана көзү түшкөн коңшуларынын жерин өз элине ар кандай жол менен тиешелүү кыла коюуга маш болгон армян авторлору айрым учурларда, өзүлөрү да түшүнбөй туруп, илимде жалпы кабыл алынган «аксиома» катары жарыяланып келген жайсыз корутундуларды чыгарышса, аны жетекчилери бийик трибунадан илимдеги жаңы ачылыш катары бүткүл дүйнөгө жар салып жиберишет.

Мисалы, Серж Саргсян христиан динин дүйнөдө ким биринчилерден болуп кабыл алгандыгы тууралуу талашта, азербайжандарды ыксыз күнөөлөй баштады..

Азербайжандын тарыхый жазууларында кавказ албандыктары христиан динин биринчилерден болуп кабыл алгандыгы тууралуу эч качан жазылган эмес. II чи жүз жылдыктын аягында, тактап айтканда, армяндарга чейин бир кылым мурда эле христиан дини арамей тилдүү Эдесса падышалыгында (Осроенада) расмий дин катары кабыл алынгандыгы илим тарабынан далилденген, ага карабай армян тарыхчылары Армения 301-жылы христианчылыкты мамлекеттик дин катары кабыл алган дүйнөдөгү биринчи өлкө деген мифти жаратышып, ага элди ишендирүүгө жан талашып аракет кылып келатышат...

165-жылы Эдессанын падышасы Абгар бар Ману (Абгар V же Ману VIII) Палестиналык мис-

сионер Ыйык Фадейдин (Аддай) ынандыруусу менен христианчылыкты кабыл алган,[1] ал эми анын падыша тагындагы орун басары Абгар VIII христианчылыкты Осроенанын мамлекеттик динине айландырган (айрымдары[2] муну христиан поэзиясынын негизин түзгөн Абгар IX ишке ашырган[3] дешет)...

1905-жылы немец тарыхчысы жана теологу Адольф фон Харнак: *«...190-жылга чейин эле христианчылык Эдессада жана ага жакын жайгашкан жердин бардыгына тез тарала баштагандыгына шек жок. Андан көп өтпөй эле (201-жылдан кийин, балким андан да мурда) падышалык чөйрө чиркөөнү (т.а. христианчылыкты) кабыл алган[4]»* – деп жазган..

АбгарVIII жөнүндө Ирфан Шахид христианчылыкты кабыл алган алдыңкы чыгыш мамлекетинин алгачкы башкаруучусу[5] деп жазат.

---

[1] Cheetham, Samuel. A History of the Christian Church during the First Six Centuries. New York: Macmillan and Co., 1905, p. 58.

[2] Lockyer, Herbert. All the Postles of the Bible. Grand Rapids: Zondervan, 1988, p. 260.

[3]Adshead, Samuel Adrian Miles. China in World History. London: Macmillan, 2000, p. 27.

[1] Harnack, Adolph von. The Expansion of Christianity in the First Three Centuries. London: Williams & Norgate, 1905, p. 293.

[2] Shahid, Irfan. Rome and the Arabs: A Prolegomenon to the Study of Byzantium and the Arabs. Washington D.C.: Dumbarton Oaks, 1984, p. 96.

Арменияныn 301-жылы христиан динин кабыл алгандыгы тууралуу факт армян тарыхчылырынын арасында да талаш маселе экендиги кызык.

Сирарпи Тер-Нерсесян: *«Бул окуянын мезгили болуп салт катары 301-жыл эсептелинген, бирок, изилдөөлөрдүн негизинде, бул 314-жылдан эрте болгон эмес экендиги далилденди»*[1] – деп жазган.

Дал ушул сыяктуу көптөгөн фактылардан соң Армяндар каяктан жүрүп христиан динин дүйнөдө «биринчи» болуп кабыл алган улут боло калат?.

Чындыкка дал келбеген түкшөмөлдөрү менен тарыхий фактыларды жокко чыгарган армяндар алардын ичинде: «айрым ереванддык «тарыхчылар» Осроена тарабынан христианчылыктын мамлекеттик дин катары кабыл алынышы «эсептелбейт», себеби ал учурда Осроена эгемендүү өлкө болгон эмес, ал эле эмес мамлекеттүүлүккө да ээ боло элек болчу» деген бурмалоолорго баруу менен, Эдессалыктардын христианчылыкты биринчилерден болуп кабыл алгандыгын жокко чыгарууга аракеттенип жаткандыктары кызык..

Бул жоромолдорун далилдөө үчүн алар Осроена Армениянын тутумунда көрсөтүлгөн картаны басып чыгарышкан. Бирок Осроенанын ага чейин эле Улуу Тигран тарабынан басылып алынгандыгын жана хри-

[1] Тер-Нерсесян, Сирарпи. Армения: Тиричилик, дин, маданият. Москва: Центрполиграф, 2008, 84-б.

стианчылыкты кабыл алгандан мурда эле эгемендүү мамлекет болгондугун жашырып келишет...

Жогорудагы бурмалоолордон сырткары, бул «тарыхчылар» Осроенанын христианчылыкты биринчилерден болуп кабыл алгандыгы тууралуу маалымат, Абгар V нин (Ману VIII) Иисус Христос менен кат алышкандыгы тууралуу апокрификалык легенда менен байланышкан деген негизге таянып, алардын христианчылыкты биринчилерден болуп кабыл алгандыгынын маанисин жоготуу аракетин көрүшүүдө...

Эдиссей падышасы ким менен «кат алышпасын», анын христиан динин кабыл алышына эмне себеп болбосун, бүгүнкү күнү коңшу өлкөнүн жалган пропагандасы канчалык өрттөнүп жанбасын, далил далил бойдон кала бермекчи – армяндарга чейин бир кылым мурда эле христианчылык дал ошол Осроенада мамлекеттик дин катары расмий түрдө кабыл алынган.

**Иштин жүрүшүндө Арцах топоними «армяндык» болуп чыга келди, Вараракн аттуу армян айылы» да ойдон чыгарылган. Чындыгында, бир да илимий булакта «вараракн» тууралуу эч кандай маалымат жок..**

Анысынан дагы Серж Саргсян байыркы грек географы Страбонду бурмалап шилтеме берип: Страбон армяндардын Түштүк Кавказдагы автохтондуулугун белгилеген – деген калпты айткан.

Чындыгында, Страбондо бул аймактар армян падышалары тарабынан башка мамлекеттерден жана элдерден тартылып алынган аймак катары көрсөтүлгөн..

**Совет доорунда мурдакы азербайжандык (чыныгы азербайжандык!) Иреван хандыгынын аймагындагы жүздөгөн топонимдерди, бул жердеги азербайжандык түрктөрдүн жашаган издерин жок кылуу максатында армян аттары менен атап салышкан.**

Страбон ошол мезгилдерде эле армяндардын башка жерлерди басып алуучулук шыгын байкап, өз китебинде: «*Мурда кичинекей эле өлкө болгон Арменияны байыркы учурдагы Артаксийдин жана Зариадрийдин согуштары кеңейтип жиберди. Алар алгач Улуу Антиохтун аскер башчылары,анан ал жеңилгенден кийин падыша болуп калышкан (Артаксий – Софендин, Акисендин, Одомантиданын жана башка облустардын падышасы, ал эми Зариадрий – Артаксаттын жанындагы өлкөнүн падышасы болгон); алар экөө биригип курчап турган элдердин жерлеринен жер бөлүп берүүгө мажбур кылып, тактап айтканда, мидяндардан Каспиананы, Фавнитиданы жана Басоропеданы; иберлерден – Париадранын тоо этектерин, Хорзенаны жана Кира дарыясынын каршы жагында жайгашкан Гогаренаны; халибдерден жана мосинектерден Каренитиданы жана Кичине Армения менен чектеш же анын*

*бөлүгү болуп эсептелген Ксерксенаны; катаондордон Акилисенаны, Антитаврдын тегерегиндеги облустарды; жана сириялыктардан Таронитиданы тартып алуу менен аймагын кеңейтип алышкан»*[1] *– деп жазган...*

Мындан сырткары, басылып алынган жерлердеги армяндар тарабынан багындырылган элди ассимиляциялаганга аракеттенишкендиктерин Страбон өзгөчө баса белгилеген: *«Ошондуктан бул элдин баардыгы тең азыр бир гана тилде сүйлөшөт»*[2].

Арменияның президентинин командасында Страбондун айткандарын кызыктай түшүндүрүшөт. Алардын оюу боюнча, армян падышаларынын башка элдерден басып алган аймактарында, армяндар дароо эле «автохтондор» болуп калышкан...

**Кагылышуунун башталышында, 1988-жылы АКШнын Мичиган университетинде иштеген армян тарыхчысы Рональд Суни орто кылымдарда, азыркы Карабахтын аймагында кавказдык албандардын мамлекети болгондугу тууралуу белгилеп кеткен.**

Армения эгемендүү мамлекет катары кыска мезгил гана жашап турганын баса белгилей кетүү керек.

---

[1] Strabo. Geographica, XI, XIV, 5
[2] Ibid.

Биздин эранын башында Армения жыйырма жылдан ашыгыраак убакыт гана эгемендүү мамлекет катары жашагандыгы, андан соң эгемендүүлүгүн жоготуп, рим-парфян ээлигине айлангандыгы жана 63-жылдан кийин Рим менен Парфиянын ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде Армения эки тараптуу көз каранды мамлекет болуп калгандыгы тарыхта белгилүү[1].

Кийинки 1918-жылга чейинки мезгилдерге чейин ал вассалдык абалда, же башка мамлекеттерге – Персия, Рим, Осмон, Россия империяларына көз каранды болуп турган.

Кыска мөөнөттүү Армян падышачылыгынын учурунда анын башчылары өз аймагын кеңейтүүгө бир нече жолу аракет жасашкан.

Улуу Тигран падышасынын мезгилинен башка учурда, Армения азыркы Азербайжандын аймагында бийлик кылгандыгы тууралуу эч кандай илимий далилдер жок.

Тиграндын падышалыгы учурунда гана Армения өз апогейине жеткен жана чынында эле Араз дарыясынан тарта түндүктү карай аймактарды убактылуу багындырып турган.

Улуу Тигран жашап турган мезгилде төрөлгөн Страбонду ошол окуялардын замандашы деп атоого болот.

---

[1]Меликишвили, Георгий А. Байыркы Грузиянын тарыхына. Тбилиси: Груз. ИА. ССР, 1959, 344-б.

Ошондуктан өзүнүн «География» деген китебинде ал Орхистенди Арменияныn облусу (балким, ошол мезгилде) болгон деп чынында эле белгилегени таң калыштуу эмес.

Белгилүү болгондой, тарых эч качан так болгон эмес, ээлик аймактар айрым учурларда кеңейсе, айрым учурларда тарып, мамлекеттер пайда болуп жана жоголуп, чек аралар өзгөрүп турган.

Ошону менен бирге, Тиграндын учурунда өсүп – өнүгүп турган Армян падышалыгынын аймагында армяндардан сырткары бир топ элдер жашап тургандыгын да эстен чыгарбоо керек.

Страбондун эмгегинде колдон колго өтүп турушу толугу менен мүмкүн болгон Орхистенде армяндар жашагандыгы тууралуу айтылбагандыгы биз үчүн эң маанилүү.

Арцахтын этникалык тутуму, анын элинин автохтондуулугу же келгин экендиги тууралуу Страбондун эмгегинде бир да сөз жок! Бирок Арцахтын албандык жашоочулары тууралуу айтылган башка булактар жана башка авторлордун күбө маалыматтары бар экендиги талашсыз.

Страбон ошол эле өзүнүн китебинин 11-бөлүмүндө Кир (Кур) дарыясы Албания аркылуу агып өткөндүгү тууралуу белгилеген[1].

[1] Strabo. Geographica, XI, XIV, 2.

Авторлордун интеллектуалдык деңгээлин мүнөздөөчү дагы бир абсурддук тезистердин бири болуп, Азербайжан жана азербайжандыктар улут катары бир кылым мурда эле пайда болгон, жана XX кылымдын башталышына дейре бул аймакта болгон окуялар азербайжандарга тиешелүү эмес деген бүтүмдөрү саналат.

Ушул сыяктуу тантыган маалыматтардын авторлору «директивдик-чиновниктик бюрократиялык этногенез кадимки адам биологиясы менен кантип дал келет» деген жөпжөнөкөй суроолордун үстүндө ойлонду бекен?

Эгерде улут өз бөлмөсүндө отуруп алып көп кылым жашаган элдин аталышын өзгөртүүнү чечкен партиялык жетекчинин калем сабынын бир эле шилтеминин негизинде түзүлүп калса, анда «жаңы түзүлгөн» элдин биринчи өкүлдөрүнүн атасы да, чоң атасы да, бабасы да болгон эмеспи жана алардын бардыгы пробиркада клондолгон дегенди түшүндүрөбү?

Бүгүн Азербайжанда, азербайжан-түрктөрүн азербайжандыктар деп атоо чечимин кабыл алганга чейин эле 30-жылдары туулган ата-энеси али тирүү улуу муундар азыр да жашап турат.

Армян «интеллектуалдарынын» логикасы боюнча, бул эки муун этникалык жактан ар башка улутка таандык болуп чыга келет, себеби алардын ою боюнча, улуулар азербайжандыктар деп эсептелиниши

үчүн анчалык жаш эмес, ал эми алардын 30-жылдары төрөлгөн балдары өзүлөрүнүн «биологиялык» түпкү тегинин миң жылдык мурасы менен рухий жана маданий-тарыхый байланышка ээ болуш үчүн жетишерлик кары эмес.

Демек, элге жаңы аталышты берген күнү бир элдин көп кылымдык тарыхы токтоп, «ээсиз» болуп кала берип, экинчи элдин тарыхы башталат да, муундар ортосундагы байланыш үзүлүү менен бирге, эми «ар түрдүү» деп аталган улуттар ортосундагы байланыш да үзүлүп кала береби?

**Армян-азербайжан, Тоолуу Карабах кагылышууларынын башталышына чейин армян тарыхчылары Арцахтын Кавказдык Албаниянын тутумуна киргендиги жана бул жерде албан элинин жашап тургандыгы тууралуу чындыкты анча талашышкан эмес.**

Армениядан башка жерде мамлекет башчылары тарабынан эл алдында мындай тантырак билдирүүлөрдү жасоого мүмкүн эмес.

Балким, 60-70-жылдары армяндарды өрөөндүн аталышы боюнча «арараттыктар» же Гейч көлүнүн жаңы аталышы боюнча «севандыктар» деп өзгөртүп атоо тууралуу директивалык чечим кабыл алынган болсо бул «окумуштуулар» эмне деген «сөздөрдү айтышмак» эле?

Мындай учурда жаңы улуттун мезгили башталмак беле?

Орто кылымдагы манускриптерде «арараттык» же «севандык» калк тууралуу эскерүүлөр болбогондуктан жана анда партиялык токтом жарыкка чыккан күндөн баштап өзүлөрүнүн жашоосун токтоткон кайсы-бир түшүнүксүз армяндар тууралуу сөз болуп жаткандыктан алар өз республикасында жашоо укугунан ажырап, тез аранын ичинде депортацияланмак беле?

Ошентсе да, орто кылымдык араб авторлору көп учурларда Кавказдык Албанияны «Азербайжан», «Жогорку Азербайжан» деп аташкан. Аль-Куфи Азербайжандын башкаруучусунун Шекиге келгендиги тууралуу айтуу менен, халиф аль-Джаррахка «Азербайжанда тыным алып туруусун», *«Азербайжандын облусунда аль-Бабага (Дербент) жетишин», «Азербайжан өлкөсүнө жөнөп, Байлакандан орун алышына...», Азербайжан өлкөсүнө багыт алып, Бардда токтошуна»* буйрук бергендиги[1] тууралуу жазат.

1864-жылы Тебриздеги Англия консулу Кейт Аббот Королдук географиялык коомдун меморандумунда: *«Перстерге Азербайжан катары таанылган өлкө өз ара (Персия менен) жана Россия тарабынан бөлүнүп кеткен. Акыркысы (Азербай-*

[1] Велиханова, Наиля М. «Арабдык каратып алуулардын негизинде Азербайжандын тарыхый географиясын өзгөртүү» Азербайжандын тарыхый географиясында, 53, 58. Баку: Элм, 1987, 53, 58-бб.

*жандын) 5/8 бөлүгүн, тактап айтканда, аймагы болжол менен 80.000 чарчы миль аянтты же Улуу Британиянын аянтына барабар болгон аймакты ээлейт; демек, 50.000 чарчы миль Россияга таандык болсо, 30.000 чарчы миль Персияга таандык. (Азербайжандын) Россиялык бөлүгү түндүктөн жана түндүк-чыгыштан Каспийдеги Бакунун чекелерине чейин жайылган Кавказ тоолору менен чектешет. Батыштан ага азыр Россияга таандык болгон Имеретия, Мингрелия, Гурия жана Ахыска провинциялары кирет; чыгышта – Каспий деңизи, түштүктө болсо чек ара... Талыш аймагына карай кеткен Муган талаасы аркылуу өтүүчү Арасс (Аракс) дарыясы жана ушул эле аймак аркылуу Каспий деңизине агып өтүүчү Астура (Астара) кичине дарыясы менен белгиленген. Бул облуска төмөнкү аймактар: Кахетиядан, Картлиден, Сомехетиден, Казахтан турган Грузия же Гюрджюстан; Эривань, Нахчыван, Карабах, Гянджа, Ширван,Шеки, Шамахы, Баку, Куба, Сальян деп аталган магометтик облустар жана Талыштын бөлүгү*[1] – кирет деп жазган.

«Азербайжандык үгүткө» кызмат кылгандыгына жана жалган айткандыгына күнөөлөөгө болбогон ангис дипломатынын күбөлөндүрмөсүнөн көрүнүп

[1]Abbott, Keith E. “Extracts from a Memorandum on the Country of Azerbaijan.” Proceedings of the Royal Geographical Society of London, Vol. No. 6, 1863-1864: pp. 275-279.

тургандай, XIX кылымдын 60-жылдарында Ирвандын, Нахчывандын жана Карабахтын эли, бул жакка армяндар көчүп келип отурукташкан соң да, мурдагыдай эле магометандык (т.а., түрктүк, Саргсяндын каалоосу боюнча – азербайжандык) болуп кала берген да, бул облустар Азербайжанга таандык деп эсептелген.

Диаспорадан келген меймандарга «200-300 жыл мурун бул эл жашаган аймак кантип азербайжан тилинде аталып калган? Жок дегенде түрктүк же персиддик деп аташса болмок!» деген риторикалык суроо берүү менен таасир калтырууга умтулушкан Арменияныны бүгүнкү жетекчилеринин интеллектуалдык деңгээли дал ушундай.

Көрсө, 300 жыл, миң жыл мурда деле ал жерлер Азербайжан тилинде аталган экен!

Өз аудиториясынын билимсиздигине ишенип жана өзү түшүнүп-түшүнбөй, Серж Саргсян «азербайжан», «түрк» сөздөрү, өзгөчө Түштүк Кавказдын аймагы тууралуу сөз болгондо мааниси боюнча окшош экендигин түшүндүргөн эмес.

Эгерде муну түшүнүү татаал болсо, анда хайлар армян топонимдерине кандай тиешеси бар экендигин ойлонушсун.

Лингвистикада кабыл алынган эрежелерге ылайык хай тили тандалып алынган жүз сапаты боюнча 11 топко жана 4 диалектиге бөлүнөт[1].

[1] Джаукян, Геворк Б. Жалпы жана армян тил илими. Ереван: Арм. ИА. ССР, 1978.

Тилчи адистер бул элде тилдик бутактардын жана диалектилердин мынчалык көп санда болушу хай тили бир эле элдин тили эмес деп аныктоого негиз берет деп эсептешет.

Бул Арменияның аймагындагы байыркы көрүстөндөрдө табылган баш сөөктөр аркылуу да далилденген.

Алардын баш сөөктөрүнүн көрсөткүчтөрү азыркы армяндардын баш сөөктөрүнөн кескин айырмаланып турат[1].

Армяндардын антропологиялык 16 типке бөлүнүшү изилдөөчүлөрдү таң калтырат. Бир эле элде ушунчалык көп антропологиялык айырмачылык болушу мүмкүн эмес.

Демек, хайлар менен армяндардын ортосундагы байланышты коркпой туруп жалганга чыгарсак болот экен. Ушулар тууралуу ойлонуп көрүп, армян президентинин командасындагылар 200-300 жыл мурда эл жашаган аймак азербайжандык аталышка кантип ээ болушкандыгын балким түшүнүшөөр.

Антропологиялык жактан армян эли Түштүк Кавказдын эли үчүн мүнөздүү болгон антропологиялык типке туура келбеген жалгыз гана эл.

Жүргүзүлгөн антропологиялык изилдөөлөрдүн негизинде тарыхый Азербайжандын батыш тара-

---

[1] Яков Я. Рогинский, Григорий М. Левин. Антропология, 2 –бас. Москва: Высшая школа, 1963

бынын эли, бардык мезгилдерде (энолит доорунан бүгүнкү күнгө чейин) калган Азербайжандын элине окшош болгон деп ырастаса болот.

Азыркы Арменияның аймагында, армяндарга тиешелүү болгон эң байыркы антропологиялык табылгалар XVII кылымга таандык болуп, Кенакер некрополундагы табылгалар аркылуу гана ырасталат.

Сапаттары (баш, бет сөөктөрүнүн түзүлүшү ж.б.) боюнча алар буга чейинки палеоантропологилык сериялардан түп тамырынан бери айырмаланып турат да, жаңы этникалык компонент болуп саналат.

Тоолуу Карабах аймагында армяндар абориген эместигин тиш-жаак түзүлүштөрүнө жүргүзгөн талдоо да көрсөтүп турат[1].

Иштин жүрүшүндө Арцах топоними «армяндык» болуп чыга келди да, «Варакн деген армян айылы» ойлонуп табылды. Албетте, аны армяндык тарыхты жасалмалоо лабораторияларында чүргөй коюп карабах хандары тарабынан негизделген Ханкенди жайгашкан жерге жабыштыра коюшпаса эле, бир да тарыхый булакта «варакн» тууралуу маалымат жок.

Бул «варакн» – армяндык үгүттүн «байыркы армяндык» бердзор, карвачар, кашатаг жана башка көптөгөн ойдон чыгарылган аталыштар сыяктуу эле ойлоп чыара койгон жаңылыгы.

[1] СССРдин этникалык одонтологиясы. Москва: Илим, 1979, 135-б.

Мисалга, Азербайжандан тартып алынган Агдам районунда жүргүзүлгөн мыйзамсыз археологиялык казуулардын учурунда табылган курулуштун фундаментинин тегерегиндеги жерди, олуттуу илимий далилдерге таянбастан эле «Тигранакерт»деп атап коюушканын алсак болот.

Эмне үчүн «Тигранакерт», башка аталыш эмес, эмне үчүн ушул гана жерде, башка жерде эмес?

Бул жер армяндарга жагып калгандыгы жана аннексионисттик пландарга жардам катары тарыхый жасалманын лабораториялары, көнгөн адаттары менен, азыр өзүлөрү таянып жаткан, жалган күбөлөндүрмөлөрдү жана жылнаамаларды түзө башташкандыгы үчүнбү?

**Бүгүнкү күндө армяндар тарабынан басылып алынган жерлерде маданий террор жүрүп жатат. Сепаратисттер тарабынан тарыхый-архитектуралык корук – орто кылымдагы азербайжандын Шуша шаары талкаланган.**

Мурдагы азербайжандык (азербайжандык эле!) Ирევандык падышачылыктын аймагындагы жүздөгөн топонимдер совет доорунда, ошол жерлерде азербайжандык-түрктөрдүн жашагандыгын далилдеген издерди жоготуу максатында армян тилиндеги аталыштарга өзгөртө коюшкан.

Биздин тилде кайсы бир маанини туюндурган топонимдер, армян тилинде эч маанини түшүндүрбөйт. Ал топонимдер кайда жок болуп кетти?

Бул суроого жооп издөөдө ошол эле тарыхый жасалманын армян лабораториялары мурдагы азербайжан топонимдерин Басаркечар (Варденис), Гаранлыг (Мартуни), Хамамлы (Спитак), Джалалоглу (Степанаван), Гаракился (Сисиан), Гаракился (Ванадзор), Кешишкенд (Ехегнадзор), Улуханлы или Зангибасар (Масис), Истибулаг или Карвансарай (Иджеван), Дэвэли (поселок Арарат), Гезлю Кямярли (Мецамор), Уч-Муадзин (Эчмиадзин), Алагез (Арагац), Гейча (Севан), Арпачай (Ахурян)кылып өзгөрткөндөй эле, жүздөгөн жаңы «варaракндарды» даярдап койгондугуна күмөн санабайбыз.

Бул азербайжандык бардык топонимдерде 8000 жыл бою «маалымат булактары кайнап турат». Ной мезгилинен берки жаңы «байыркы армян» аталыштары жөнүндө маалыматтарды камтыган жалган «маалымат жазуулар» пайда болот.

Ошол эле лабораториялар басылып алынган шаарлар жана айылдар үчүн жаңы аталыштарды ойлоп табууга жетишти. Бир нече убакыттан кийин Армениянын жетекчилери бийик трибунадан дүйнө жүзүнө жаңы «варaракндар» тууралуу жар салышат!.

Ал гана эмес Украинанын Львов шаарын да Арьюц деп өзгөртүп атоого даяр турушат!

Армяндардын Арцах топоними тууралуу сөз кылсак, анын армян тилине да жана Арменийнын мурунку тарыхына да эч кандай тиешеси жок.

Арменияның президенти тарабынан Гористе айтылган тезис өзүнүн билимсиз деңгээли менен таң калтырат: *«Бул жердин армян тилинде аталышы – Арцах – Христоско чейинки VIII кылымда Еревандын негиздөөчү Аргишти I нин дин уулу Сардури II тарабынан күбөлөндүрүлгөн».*

Биринчиден Аргишти I менен Сардури II хайлык эмес, урарт падышалары болгон

Урарттар жана хайлар эки башка эл болуп, ар башка тилдик бутактарга тиешелүү болгон эки башка тилде сүйлөшкөн. Мүмкүн, Саргсян иш арасында албандардын гана маданий-тарыхый мурасына эмес, урарттын да мурасына шек келтирүүнү чечкендир.

Экинчиден, эмне себептен ал аталыш армяндык болуп калды?

Урарт падышасы Арцах аталышын гана күбөлөндүргөн, бирок аны «армян» топоними катары күбөлөндүргөн эмес. Ал мындай облус бар экендиги тууралуу гана белгилеген, андан ашык сөз болгон эмес.

**Армяндар (хайлар) XV кылымдын ортосуна чейин Түштүк Кавказда жашаган эмес.**

**1441-жылы түрк-азербайжан мамлекетинин башчысы Гарагоюнлу Джаханшахармян католикосатынын борборун киликийлик Сис шаарынан толугу менен түрк эли жашаган Иревандан алыс эмес жайгашкан, байыркы мезгилде ал-**

**бан чиркөөсү болгон Үч-Кился (же Үч-Маудзин) чиркөөсүнө көчүргөн.**

Демек, Кавказда Арцах аталышындагы облус бар экендигин египет фараондору же кытай императорлору айтып кеткен болсо, анда ал топоним дароо египеттик же кытайлык болуп калмак беле?

Арцах аталышы византиялык маалымат булактар эскертип кеткендиги үчүн гана байыркы болуп калган жок!

Дүйнөлүк тарыхты бурмалаган Армяндардын псевдоокумуштуулары менен саясатчылары фальцификациялык усулдары менен таң калтырышат: алгач алар хуррито тилдүү урарттарды индоевропалык хайларга айландырышып, алардын мурастарын өзүлөрүнүкү кылып алышты, андан соң Арцахты жаңы табылган хай Сардури II эскертип кеткендиги үчүн эле «армян» аталышына айландырышты.

Ошентсе да, дүйнөлүк тарых жазууларында белгиленген консенсус бүгүнкү армяндардын (хайлар) Арцах топонимине, урарат цивилизациясына, Аргишти I тарабынан негизделген шаарга эч кандай тиешеси жок деген бүтүмгө ээ!

Тарыхый булактарда Сюник, Утик, Пайтакаран менен бирге Арцах-Хачен да тарыхый өнүгүүсүнүн кайсы бир кыска мөөнөтүндө аймагы кеңейип бара жаткан Армян падышалыгына саясый таасир этиши мүмкүн болгон Кавказдык Албаниянын тарыхый облусу катары берилет.

Бирок, башка көптөгөн империялар да, халифаттар да, падышалыктар да бирде кеңейип, бирде тарып, бирде өнүгүп, кайра кыйрап тургандыгы талашсыз. Анын негизинде алар көзөмөлдөп турган элдер, мисалы, латындык да, гректик да, арабдык да, персиддик да, монголдук да, осмондук да, англиялык да, франциялык да ж.б. болуп кеткен жок да. Ошол басылып алынган жерлерде жергиликтүү элдер эле жашап кала беришти.

Кур дарыясынын оң жээгиндеги өзгөчө Арцахтын, Пайтаракандын, Утиктин, Сюниктин албандык эли тууралуу Раффи, Б.Ишханян, И.Орбели, Р.Суни сыяктуу армян тарыхчылары менен бирге, дүйнөдөгү авторитеттүү ондогон тарыхчылар да жазып кетишкен.

Кагылышуулардын башталышында 1988-жылы АКШнын Мичиган университетиндеги армян тарыхчысы Рональд Суни азыркы Карабахтын аймагында орто кылымдарда кавказдык албандардын мамлекети болгондугун: *«Орто кылымдарда бул жакка Орто Азиядан түрк элдери көчүп келгенге чейин Закавказье Кавказдык Албания деген аталыш менен белгилүү болчу.*

*Кавказдык албандыктардын балкандык албандыктар менен эч кандай байланышы болгон эмес, алар армяндарга жакыныраак, христиан эли болгон. XI кылымда сельджуктардын келиши менен тоолуу бөлүктөрдө – тактап айтканда, Карабах-*

*тан тарыхый Арменияныn чегине чейин жашаган албандыктар христиан болуп кала беришип, кийин армяндарга аралашып кетишкен.*

*Чыгыш тараптагы, тактап айтканда, ойдуңдан Каспийге чейинки аралыкта жашаган албандыктар түрк эли менен аралашып, мусулман болуп кетишкен»*[1].

Кийинчерээк, аскер иш-чараларынын күчөп турган мезгилинде «Арарат тарапка көз караш менен» деген аталыштагы китебинде: *«Байыркы мезгилден бери карай жана орто кылымдарда Карабах кавказдык албандардын падышачылыгынын бөлүгү болгон. Азыркы учурда жок деп эсептелген бул өз алдынча этнодиндик топ IV кылымда христиан динин кабыл алып армян чиркөөсү менен жакындашып кетет. Убакыттын өтүшү менен Албан элитасынын каймактары армяндарга айланып кеткен. XI кылымда сельджуктар Закавказьеге кирип барган мезгилде, исламдаштыруу процесси башталган. Ошонун негизинде Карабахтын ойдуңунда жайгашкан эл толугу менен бүт мусулман динине өтүп кетишкен.*

*Азыркы азербайжандардын тикелей бабалары болгон ошол эл түрк тилинде сүйлөшүп, коңшу Иранда жайылтылган шиит толкунунун исламын кабыл алган.*

[1] Suni, Ronald G. "What Happened in Soviet Armenia?" Middle East Report, No. 153, Islam and the State, July - August, 1988: p. 37

*Тоолуу бөлүгү болсо христиан дининде кала беришкен да, убакыттын өтүшү менен карабахтык албандар армяндар менен аралашып кеткен.*

*Албан чиркөөсүнүн борбору Ганзасар Армян чиркөөсүнүн епископствосунун бири болуп кала берген. Качандыр бир учурда улуттук эгемен чиркөөнүн элестери азыркы учурда Католикос деп аталган жергиликтүү архиепископтун статусунда гана сакталып калган»*[1] *– деп жазган.*

Ал эми андан башка армян автору Б.Ишханян мындай деген маалымат калтырган:

« Тоолуу Карабахта жашаган армяндардын жарымы аборигендер, т.а. байыркы албан тукумдары болсо, жарымы Турция менен Ирандан келген качкындар болуп эсептелет. Алар үчүн азербайжан жери кубалануудан баш калкалай турган жай катары кабыл алынган»[2].

Армян окумуштуулары Кавказдык Албания тууралуу «Армения жана Грузия менен теңтайлаш, маанилүү, кавказдык маданий дүйнөнүн өлкөлөрүнүн бири» катары жазышкан. Ал эми албан искусствосу жана архитектурасын Кавказдын маданиятынын тарыхындагы өзүнчө бир чоң тема катары сүрөттөшкөн.

---

[1] Suny, Ronald G. Looking Toward Ararat: Armenia in Modern History. Indianapolis: Indiana University Press, 1993, p. 193.

[2] Алиев, Играр. Тоолуу Карабах: Тарых. Факты. Окуялар. Баку: Элм, 1989, 73-74-бб.

Армян тарыхчысы Иосиф Орбелинин пикири боюнча, Албаниянын тутумундагы Хачен падышачылыгынын өнүгүп, өсүшү XII–XIII кылымдарга туура келет[1].

Ошол эле Орбели армян феодалдары азыркы Тоолуу Карабахтын облустарын басып алып, өз колониясына айландыргандыгын жазат[2].

**Гористе араң беш пайыздан ашкан түрк-мусулман көчмөн эли жана Карабахтын «бир түрдүү» «жергиликтүү» армян эли тууралуу айтуу менен, Серж Саргсян армяндар менен түрктөрдүн ордун алмаштырып, «көчмөндөр» деген сөздү туура эмес даректе колдонуп алган.**

Армян академиги С.Т.Еремян мындай деп жазган: *«Көпчүлүк бөлүгү арабга чейинки мезгилге таандык болгон христиан эстеликтеринин көбү байыркы Албаниянын армениялашкан бөлүктөрүндө, азыркы учурда негизинен армян эли жашап турган байыркы албандык Арцах, Утик облустарынын аймагында сакталып калган»*[3].

---

[1] Орбели, Иосиф. «Гасан-Джалал – Хачен ханы» тандалган эмгектер. Түзүүчү Иосиф Орбели, Ереван: Арм. ИА. ССР, 1993, . 146-б.

[2] Орбели, Иосиф. Тандалган эмгектер. Ереван: Арм.ИА.ССР, 1963, 296, 297, 317, 347-бб..

[3] СССРдин тарыхынын очерктери (III-IX вв.). Москва: СССР дин ИА. 1958, 326-б.

Бул фактыны армян жетекчилери азыр жалган маалыматка чыгарып, «азербайжан үгүтүнүн» жыйынтыгы деп жатышканда, Армян авторлоруна Арцахты Албаниянын провинциясы катары туура жазуунун эмне кереги бар?–деген кадиктүү суроо туулат.

Эгерде Арцах Албанияга тиешеси болбосо, ал эми Гянджасар храмы накта «армяндык» катары негизделсе, анда бул храмды курган хан Гасан Джалалга «менин албандык элим» үчүн курулган «Албаниянын тактык чиркөөсү» деген жазууну калтыруунун зарылдыгы бар беле?

Аларды муну жасоого бирөө мажбурлаптырбы же аларды «азербайжан чалгынчылары» үгүттөгөн бекен?

Армян тарыхчылары болсо, Арцахтын албандык мүнөзүн таанышкан!

Армян-азербайжандык, тоолуу-карабахтык кагылышуулар башталганга чейин армян тарыхчылары Арцахтын Кавказдык Албаниянын тутумуна киргендиги жана бул аймакта албан эли жашап тургандыгы тууралуу анча деле талашышкан эмес.

Кагылышуулардын башталышында ерeвандык чуулуу-тарыхчылар байыркы жана орто кылымдарда Кавказдык Албания мамлекетинин жана албандыктардын болгондугун танууга аракет жасашкан.

Алардын айрымдары аны мифтик Атлантида менен да салыштырышкан. Ал «тарыхчылар» өзүлөрүнүн академиялык чөйрөдө туура эмес

абалда калгандыгын жана окумуштуулар тарабынан шылдыңдын бутасына айлангандыгын түшүнгөндөн кийин бул абалдан оригиналдуу жол менен чыгып кетүүнү чечишти, башкача айтканда, Кавказдык Албаниянын болгондугунун моюнга алышып, алар анын чек араларын өзүлөрү каалаган жерге чейин чоюшуп, Кура дарыясынын жээгине алып баруу аркылуу бир аз «өзгөртүп», кыйын абалдан чыгып кетишти.

Армяндардын талабы Апшерон жарым аралына чейин жетсе (акылынан ажырап калгандар азыр да «армяндык Бакуракерт» тууралуу айтуудан чарчабай келишет), анда Албанияга Каспийден ары «жайгашууга» туура келмек.

Андай болсо еревандык «тарыхчыларга» Албания эмне себептен Ортоазиялык эмес, Кавказдык деп «жаңылыштык» менен аталып калгандыгы тууралуу түшүндүрмө ойлоп табууга туура келмек.

Илимди мифтерге баш ийдирүү жана аны сырткы саясый максаттарга кызмат кылдырууга умтулууда армян тарыхый илими сандырактык аракеттерге чейин барышат.

Хайлардан айырмаланып, албандыктар Арцахта жана Кавказдык Албаниянын башка провинцияларында автохтондор болушкан.

Албан уруулары Кур дарыясынын эки жээгинде тең жашагандыгын тарых тастыктайт. Бул тууралуу А.Е.Крымский да: *«оң жээктеги элдин*

*«бөлүгүнүн» сол жээктеги эл менен бир уруудан экендигин Страбон билген»*[1] – деп, так белгилеп кеткен.

Кур Албания аркылуу агып өтөөрү тууралуу, жогоруда белгиленгендей, Страбондун так, таамай көрсөткөндөрү далилдейт (XI, I, 5; XI, III, 2; XI, IV, 2; XI, VIII, 3)[2].

Албан мамлекети болжол менен алганда б.э.ч. IV–III кылымдарда пайда болгон жана албан эли биринчи жолу ошол мезгилдин окуяларына байланыштуу эскертилет[3].

Биздин эранын I кылымынан баштап Албанияны Аршакиддердин парфян уруусу башкарган.

Бул мезгил тууралуу сөз кылууда армяндыктар сыяктуу эле албандык булактар да Албаниянын түштүк чек арасы Аракс дарыясы аркылуу өтөөрүн белгилешкен[4], тактап айтканда, Кур дарыясы менен Аракстын бардык аймактары Албан мамлекетинин тутумуна кирген.

---

[1] Крымский, Агафангел Е. «Түндүк же Кавказдык Азербайжандын тарых барактарынан (Классикалык Албаниянын).» Академик Н.Я.Маррдын элесине. (1864-1934). Москва, 1938.

[2] Крымский, Агафангел Е. «Түндүк же Кавказдык Азербайжандын тарых барактарынан (Кавказдык Албания)» Е.Ф.Ольденбургга арналган макалалардын жыйындысы. Илимий-коомдук ишмердиктин 50 жылдыгына. 289–290 -бб. Москва, 1934.

[3] Флавий, Арриан. Александрдын жүрүшү. Москва: АМН СССР, 1962.

[4] Мовсес Хоренаци. « Армениянын тарыхы». Москва, 1858; Каланка- туйлук Моисей. «Агван тарыхы». Санкт-Петербург, 1861.

Дал ушул аймактарда Карабахтын– Орхистендин (Арцах), Цавдейдин, Отендин жана Араксендин бир аз гана тарыхый жерлери жайгашкан.

Маалыматтарын албан тарыхчысы Моисей Каланкатуйский аныктаган армян автору Мовсес Хоренаци парфян падышасы Валаршак (б.э.ч. (51/52–79/80 – жылдарда жашаган Вологез, Вонон II нин баласы) тарабынан: *«Улуу, даражалуу, көп элдүү түндүк-чыгыш жергесинде, кенен тегиздикти кесип өткөн Кур дарыясынын боюнда, эң акылдуу жана эстүү адам Аранды*[1] *башчы кылып шайлап, жер аймактарын түзгөндүгү»* тууралуу маалымдайт.

Андан соң бул кенен–жайкын жана сонун аймак Албания болгондугу тууралуу баяндалат: *«Сисактын эли тууралуу бил – балким биз Ерасх*[2] *дарыясынан Хнаракерт*[3] *чебине чейинки аралыкты камтыган Алван тегиздигин мураска алган бул улуу жана атактуу уруу тууралуу Биринчи Китепте эскертип кетүүнү унуткандырбыз. Бул жер мурда «алу»*[4] *деп аталган, бирок анын элинин кулк-мүнөзүнө карап Албания деп аталып калган.*

[1] Жергиликтүү аймактын аталышын Мовсес Хоренаци тарабынан персонификациялоонун бир учуру. Араз менен Кур дарыяларынын ортосунун чыгыш тарабындагы облус Аран деп аталган. Андан сырткары Алванк, Алвания, Албания деп да аталган.

[2] Араз.

[3] Агстафа.

[4] «Алу» – жагымдуу, даамдуу.

*Анын тукумдарынын бири атактуу, кайраттуу Драя парфянин Валаршак тарабынан жер ээси болуп он миң башы бекитилген.*

*Утийлердин уруусу, гардмандыктардын, цавдейликтердин жана гаргарлыктардын[1] падышачылыгы анын балдарынан тараган»[2] деп айтышат.*

**Армяндар өзүлөрү (мисалы, А.М.Назаретян) 1921-жылы июлда Кавказ бюросунун пленумунда Карабах Азербайжандын тутумунда калышы үчүн добуш беришпеди беле? Карабахтык армяндардын лидерлеринин өзүлөрү (мисалы, Серо Мануцян): «Азербайжандын тутумунда автономия болуп калуу үчүн армян дыйкандары бири калбай добуш беришти» деп белгилеп, бул чечимди жылуу кабыл алышкандыгы жалганбы?**

Арандын калкы жөнүндө (Араз менен Кур дарыясынын ортосу): *«албан эркектери калпка чөмүлгөн»*[3] калк деп албандардан жүрөгү түшүп калган Мовсес Хоренацинин белгилеп кеткендигин баса көрсөтүү зарыл.

---

[1] Алардын бардыгы –армяндарга тиешеси жок, албан уруулары.

[2] Хоренаци, Мовсес. « Арменияныn тарыхы, 2-китеп, 8 –глава (Аждахактын тукумунан мамлекетте экинчи адамды мардын падышасын дайындоо) Ереван: Айастан, 1990.» «Вехи» китепканасы. http:// www.vehi.net/istoriya/armenia/khorenaci/02.html (кайрылуу күнү: 30 -октябрь, 2010 –ж.).

[3] «Арменияныn тарыхы, 3-китеп, 3-глава (Ыйык Григористин варварлардын колунан каза табышы). Ереван: Айастан, 1990.» «Вехи» китепканасы. http://www.vehi.net/istoriya/armenia/khorenaci/03.html (кайрылуу күнү: 30-октября 2010-ж.).

Жогоруда аталган албан урууларынын ичинен утийлер, цавдейлер, гаргарлар Карабахтын аймагында жашап турушкандыгында эч күмөн жок. Демек, Кур дарыясынын оң жээгин бүт бойдон Араз дарыясынан Агстафка чейин албан урууларына тиешелүү болгон.

Карабах аймагынын урууларынын албандыктардан чыккандыгын жана бул аймактын албан мамлекетине карагандыгын илимий булактар даана далилдеп турат.

Мовсес Хоренаци, Трдат падыша Санатруктун коштоосунда Вртанестин улуу баласы жаш миссионер Григористи жергиликтүү калкты (аларды Хоренаци «варварлар» деп атаган) христиан динине киргизүү үчүн жиберген – деп Пайтакаран провинциясында албандыктар жашагандыгын тастыктайт.

*«Бирок Трдаттын каза болгондугу тууралуу кабар келээр замат, Санатруктун өзү жана башка айрым калптан башы чыкпаган албандыктардын кастык кылгандыктарынын натыйжасында,жапайылар ал таза адамды Каспий деңизине жакын жердеги Ватнеан талаасында жылкылардын тепсендисине калтырып өлтүрүшкөн... Ал эми Санатрук болсо таажыны башына кийип, Пайтакаран шаарын ээлеп алгандан кийин, башка элдердин жардамы менен Армениядагы бийликти тартып алууну чечкен».*

Санатрукка Пайтакаранды басып алууга жардам берген «башка элдер» деп Мовсес Хоренаци жергиликтүү багынбас элди – «албандарды[1]» атаган.

Кавказдык Албанияны изилдеген кадыр–барктуу батыш адистеринин бири, Оксфорд университетинин профессору Чарльз Доусет мындай деп жазган: *«Католикос Джон жана Товма Аркруни 854-жылы Бога Аль-Кабир колго түшүргөндөрдүн ичинде үч албан ханзадаларынын: ханзада Хачен Атрнерсех – Смбаттын уулу, ханзада Шаки Сахл жана Арцахтагы Ктиша ханзадасы – Эсай Абу Муса болгондугун айтып кетишкен»*[2].

Бир жылдан соң окумуштуу төмөндөгүдөй жазган: *«Албаниядагы Арцахтын эски облусунун бөлүгү Хачен өзүнүн эгемендигин сактап калган. Мхитар өлкөнү башкаруучу Вахтанг хандын өтүнүчү менен мыйзамдардын тобун иштеп чыккандыгы белгилүү»*[3].

Кавказ таануучусу В.Ф.Минорский азыркы Азербайжан ССРинин аймагы болжол менен байыркы Кавказдык Албаниянын аймагына дал келет деп жазган[4].

---

[1] Ibid.

[2] Dowsett, Charles. J. F. “The Albanian Chronicle of Mxit’ar Gos.” Bulletin of the School of Oriental and African Studies, University of London, Vol. 21, No. 1/3, 1958: 463.

[3] Ibid., p. 475.

[4] Minorsky, Vladimir. “Caucasica IV.” Bulletin of the School of Oriental and African Studies, University of London, Vol. 15, No. 3., 1953: p. 504.

Карабахтагы Албан мамлекети ураган соң, Азербайжан деген географиялык жана саясый түшүнүктүн бир бөлүгү болуп турган Карабах Саджиддердин азербайжан мамлекетинин; X кылымда Салариддер мамлекетинин, XI–XII кылымдарда Шеддадиддер мамлекетинин; XII–XIII кылымдарда Карабах Атабек-Ильденизиддердин азербайжандык мамлекетинин бөлүгүн түзгөн.

Кийинчерээк Карабах Гарагоюнлу, Аггоюнлу мамлекеттеринин тутумуна, XVI–XVII кылымдарда Карабах Беглярбектигинин тутумунда болуу менен Карабах Севефиддердин түрк мамлекетинин тутумуна кирген.

XVIII кылымдын экинчи жарымында Карабах Карабах хандыгынын тутумуна кирет да, XIX кылымдын башында ошол тутум менен бирдикте Россияга кошулат.

Азербайжандагы христиан эстеликтери армян чиркөөсү жана ага байланыштуу илим тарабынан дайыма жасалмалоонун объектиси болуп келген.

Кылымдар бою албан чиркөөсү менен күрөшүп келе жаткан армян чиркөөсүнүн максаты аны акырындык менен баш ийдирип, кийин жок кылып жиберүү болгон.

Бул саясаттын бир бөлүгү, албан кол жазмаларын жана эпиграфикасын жок кылуу болгон.

Азербайжандын христиан архитектуралык XI кылымга чейинки эстеликтеринде армян тилдүү

эпиграфика жок (басып алган аймактардагы эстеликтерге таш бетине жазуучулар азыркы күндөрдө «байыркы» армян жазууларын чегип жазып коюшпаса эле).

Армяндар албан чиркөөлөрүн баш ийдирип алган соң,албандык байыркы жазуулар 1836-жылы орус Синоддун чечими менен өчүртүлүп салынган.

XI кылымдан кийин армян тилдүү эпиграфиканын жана тарыхый жазуу булактарынын болушу алардын авторлорунун этникалык элден эмес, конфессионалдык таандыгы тууралуу билдирет.

1975–76-жылдары Амасия – Газанчы жолун курууда армениянын расмий бийлиги Амассий районунун Геллу айылынын азербайжан эли армян крестерине, армян алфавитинин тамгаларына окшобогон мүрзөлөрүндөгү кресттен жана чегилип жазылган жазуулардан улам христиандардыкы деп эсептеп жүргөн илгерки көрүстөндү жер менен жексен кылып тегиздетип салган.

Амассий райком партиясынын үгүт жана жайылтуу бөлүмүнүн башчысы Армаис Арутунян менен окумуштуу адистер көрүстөндөрдөн маркумдардын калдыктарын алып чыгып, алардын антропологиялык мүнөздөмөсүнө изилдөө жүргүзүшкөн.

Бир нече убакыттан кийин ал көрүстөндөгү бардык эстеликтерди да толугу менен талкалашып, тегиздеп салган.

Жашоочулардын «эмне үчүн өз бабаларыңардын көрүстөндөрүн талкалап жатасыңар?» – деген суро-

олоруна А.Арутунян «бул армяндардын көрүстөнү эмес» деп жооп берген.

Дал мына ушундай жол менен Албаниянын армян эмес христиан элинин издери жок болуп кеткен. Азербайжандын христиан архитектурасынын, анын ичинде Карабахтын да эстеликтери өздөрү тууралуу айтып турушат. Андан сырткары алардын этникалык жана маданий таандыктыгын албан тарыхчылары Моисей Каланкатуйскийдин жана Киракос Гандзакскийдин эмгектери далилдеп турат.

Мындай далилдер албан падышалары жана хандары тургузган эстеликтер болуп саналат.

**Арменияда тарыхты өзгөртүп жазуу менен жана эл аралык уюмдарга Тоолуу Карабах байыркы армяндардын жери экендигин «далилдөө» менен, Тоолуу Карабахты өзүлөрүнө бириктирип алууга болооруна ишенишет.**

Алардын арасында – Моисей Каланкатуйскийдин маалыматы боюнча «бир жылда канча күн болсо» ошончо чиркөө курган Албаниянын падышасы Вачаган Благочестивый тургузган байыркы христиан храмдарынын урандылары да бар.

Джаваншир ханы тарабынан да көптөгөн архитектуралык кооз эстеликтер курулган. Алар албан хандыктарынын өркүндөп, өзгөчө Хачендик хандыгы дүркүрөп өсүп турган мезгилинде, XII–XIII кылымдарда тургузулган.

Бул бутактын өкүлү Гасан Джалал кыска мөөнөттүн ичинде албан хандыктарын бириктирүүгө

жетишип, Албаниянын ханы деген наамга ээ болгон. Ал курдурган Гянджасар монастыры албан католикосатынын борборуна айланган.

Худаванк чиркөө комплекси албан хачен хандары Улуу Гасан менен анын уулу Вахтанг жана анын жубайы «хандардын ханы, улуу Курддун» кызы Арзу Хатун тарабынан курулган.

Ыйык Елисейдин монастыры Албаниянын агартуучусунун атын алып жүргөн. Ал албан ханы Вачаган Благочестивыйдин башкарып турган мезгилинен бери жашап келет жана анын мүрзөсү так ушул жерде, анын бөлмөлөрүнүн биринде жайгашкан.

Хатираванк эскерүү монастыры маркумдар коюлуучу жай катары дагы бир албан ханынын үй-бүлөсү үчүн салынган.

Карабахтын ушул жана башка монастырларынын жана чиркөөлөрүнүн тарыхы байыркы мезгилден баштап, Гянджасардык католикосат кыскартылган 1836-жылга чейинки Кавказдык Албаниянын тарыхы менен тыкыз байланышкан.

Алардын негиздөөчүлөрү – албан башкаруучулары жана хандары болгон. Ал эми алардын аталышы Албаниянын өзү эле Албаниялык этникалык таандыктыгы тууралуу маалыматты берип турат.

**Азербайжан колдогон, улуттун өзүн-өзү аныктоо укугу каалаганын жасоого жана чек араны өзү билгендей өзгөртүүгө уруксат бербейт. Армениядагыдай бул укукту каалагандай түшүндүрүү ыксыз экендиги талашсыз.**

Армян изилдөөчүсү С.Лисицян «Тоолуу Карабахтын азыркы монастырларынын аталыштарына караганда, нагыз армяндардын ыйык чиркөө кызматкерлеринин ишмердүүлүгү бул жакта өтө бошоң жүргөнүн» моюнга алууга аргасыз болгон. Ал гана эмес, XX кылымда Карабахтын христиан элин армяндаштыргандан кийин да бул жакта нагыз армян чиркөөсүнүн ыйык кызматчыларын сыйлашкан эмес...

Албетте, байыркы кылымдарда Карабахта армян ыйык чиркөө кызматкерлерине арналган монастырлар жана чиркөөлөр такыр болгон эмес.

Албан монастырлары жана чиркөөлөрү жалпы христиандык же жергиликтүү албандык ыйык кызматчыларга арналганынын негизинде алар армяндыктардан айырмаланып турган.

Азыркы мезгилдерде армяндар тарабынан басылып алынган жерлерде маданий террор ишке ашырылып келет. Сепаратисттер тарабынан тарыхый-архитектуралык корук – орто кылымдагы азербайжандын Шуша шаары талкаланып жок кылынган.

Бул жакта мечиттер, XVIII–XIX кылымдардагы үйлөр, жарандык жана коргоо архитектуралары талкаланылып кеткен.

Басылып алынган аймактарда жарандык архитектуранын көрүнүктүү эстеликтери - Худаферин өтмөгүндө Араз дарыясы аркылуу өтүүчү он бир өтмөктүү жана он беш өтмөктүү көпүрөлөр кала берген.

Көптөгөн мечиттер, анын ичинде азербайжандын көрүнүктүү архитектору Карабаги ханы Кербалаи Сефи тарабынан курулган көпүрөлөр, мончолор, мемориалдык курулуштар, XII–XIII кылымдагы Мелик Аждардын, XIV кылымдагы Мир Алинин, XIV кылымдагы Хачын Дорбатлынын, XIII кылымдагы Шейх Бабаиндин, XVII кылымдагы Панах хандын Мавзолейлери талкаланып кеткен.

Азербайжандыктардын көрүстөндөрү да талкаланып жок кылуунун жерлери болгон.

Мунун бардыгы маданий террордун жана басылып алынган аймактагы азербайжандыктардын издерин пландуу түрдө жоготуунун жыйынтыгы болуп саналат.

Эгерде ислам эстеликтерине карата террордун саясаты жүргүзүлгөн болсо, азербайжан маданий мурасынын башка бөлүгү – Кавказдык Албаниянын христиан архитектурасынын эстеликтери – талкаланылып жок болуп, же армяндаштырылып кетүүсү күтүлүүдө.

Албан хандары тарабынан курулган жана Кавказдык Албаниянын тарыхы менен байланышкан христиан храмдары жана монастыр комплекстери «армяндыкка» айланышууда. Бул эстеликтерге армян изилдөөчүлөрү аларды армяндаштырууга багытталган «реставрациялык» иштерин жүргүзүшүүдө.

Бул иш-чаралар басылып алынган аймактарда, чоочун эстеликтерге жана Азербайжандан барган

окумуштуулардын катышуусуз жүргүзүлүп жаткандыктан мыйзамсыз болуп эсептелинет.

Мындай эстеликтердин албан маданиятына таандыктыгын далилдеген издери өчүрүлүп жок болууда. «Реставрациялык» иш-чаралар аркылуу албандык карабах архитектурасынын мүнөздүү белгилери жасалмаланып, жоюлуп кетип жатат.

Тилекке каршы, бул иштерге айрым учурларда чет элдик адистер да тартылышат. Себеби алардын катышы, басып алуучулардын ою боюнча, алардын жалган маалыматтарына «илимий аныктыкты» бериши керек.

Армяндар (хайлар) XV кылымдын ортосуна чейин Түштүк Кавказда дээрлик жашаган эмес. 1441-жылы түрк-азербайжан Гарагоюнлу мамлекетинин башкаруучусу Джаханшах армян католикосатынын борборун киликийлик Сис шаарынан толугу менен түрк эли жашаган Ирevандан алыс эмес жайгашкан, байыркы учурда албан монастры болуп эсептелген Үч-Кился (же Үч-Муадзин) монастырына көчүргөн.

Кийинчерээк армяндар Үч-Муадзин аталышын бурмалап, «Эчмиадзин» деп атап алышкан.

Армян тилинде бул сөз (ага окшош армян сөзүн жакындатып эле алышпаса) эч кандай маани бербейт, азербайжан-түрк тилинде «үч муадзин» (муадзин – араб тилинен которгондо – «азан окуучу») дегенди туюндурат.

Матенадаранда камтылган орто кылымдык документтерде храмдын аталышы дал ушул «Үч-Кился» деп эскертилет[1].

Армян католикосатын «Үч-Килсяга» көчүргөндөн кийин Түштүк Кавказга өз таасирин жайылтуу мүмкүнчүлүгү пайда болгон армян миссионерлери келе башташкан. Көп өтпөй монастырдын өзү армяндардын диний борборуна айланган.

Аталган жерлер Россияга кошулганга чейин XIX кылымдын биринчи жарымында Үч-Килсянын чектериндеги батыш Закавказьеде армяндар өтө аз болгон.

Аларга дейре жергиликтүү түрк эли басымдуулук кылган Түштүк Кавказга көчүп барганга чейин хайлар Ван көлүнүн тегерегинде жашашкан. Ал жакка хайлар балкандан көчүп барышкандыгы белгилүү.

Байыркы грек тарыхчысы Геродот армяндардын ата-бабалары Фригий жеринен көчүп келишкен деп жазган[2]. Бул фактылар армян окумуштуулары тарабынан да тастыкталган.

«Армян элинин тарыхы» китебинин редактору М.Г.Нерсисян төмөнкүдөй белгилеп кеткен:

---

[1] Матенадарандын перс документтери (көрсөтмөлөр, түзүүчү А.Д.Папазян). чыг. I (XV–XVII кк.). Ереван, 1956; Матенадарандын перс документтери (көрсөтмөлөр, түзүүчү А.Д.Папазян). чыг II. (1601–1650 –жж.) Ереван, 1959.

[2] Геродот. Тогуз китептен турган тарых. Ленинград: Илим, 1972.

*«Деңиз элдеринин» көчүп жүрүү мезгилинде (б.э.ч. XIII–XII кылымдар) армяндар Кичи Азияга аларга тууган болгон Балкандан чыккан фрактык-фригийлик уруулар менен бирге кирген*[1].

Балкандан чыккан индоевропалык тектин фригий урууларынын бири болгон армяндардын Кичи Азияга көчүп келиши, илимий дүйнөдө жалпы кабыл алынган факт деп А.Пастрмачяндын да айтканы бар[2], бирок ал бул көч 6 кылым кечирээк – б.э.ч. VII–VI кылымдарда болгон деп эсептейт. Бул ойду изилдөөчүлөрдүн көбү туура деп табышкан.

Белгилүү орус чыгыштаануучусу И.М.Дьяконов: «Армян тилин алгачкылардан болуп алып жүрүүчүлөр Армян Тайпак Тоолуу аймактарына көмөкчү дыйканчылыгы менен көчүп конуп жүрүүчү малчылар катары келишкен. Алар таптык коомду билишкен эмес,Тайпак Тоонун жаратылышы жана эрте таптык коомдун шарттары менен ал учурда армян тилине өтө элек автохтондор аркылуу таанышкан»[3] деп жазган.

Армян президентинин Карабахтын эли миңдеген жылдар бою *«бир өңчөй армяндык», ал эми «саны*

---

[1] Армян элинин байыркы мезгилден азыркы күнгө чейинки тарыхы. П/р проф. М.Нерсисяна. Ереван: АН Арм.ССР, 1980, 27-б.

[2] Pastermadjian, Herand. Histoire de l'Armenie. Paris (1st edn, 1949, 2nd edn, 1964), 1949, p. 23.

[3] Дьяконов, Игорь М. «Армян тилинин тарыхына ( фактылар, күбөлөр, логика жөнүндө)» Тарыхый-филологиялык журнал Но. 4, 1983: 166-б.

*өткөн кылымдын башында элдин жалпы санынын араң гана 5 %ын түзгөн түрктүк-мусулман көчмөн уруулары бул жакка XVIII кылымдын экинчи жарымында гана отурукташа баштагандыгы»* тууралуу абсурддук билдирүүсү илим жана тарыхый далилдер менен эч кандай байланышы жок.

Элди ишендирүү максатында Саргсян «XVIII кылымдагы түрктүк жашыруун расмий булактарга» таянган.

Илимий негизи жок мындай былжырактын автору кайсы булактарга таянгандыгы андан ары такталган эмес, себеби тарыхый жасалмалардын армян лабораторияларында мындай маалыматтар жок. Түрк архивдери, буга карама-каршы пикирлерди берет. 2009-жылдын ноябрь айында Турциянын Министрлер кабинетинин алдындагы мамлекеттик архивдик Борбордук башкаруу 660 беттен турган архивдик материалдардын негизинде түзүлгөн, «Карабах Осмон документтеринде» деген аталыштагы китепти басып чыгарган.

Китеп эки бөлүмдөн турат – «Саясый, аскер жана дипломатиялык мамилелер» жана архивдик документтердин негизинде армяндардын Карабахка көчүп келүүсү тууралуу далилдер келтирилген «Көчүү» бөлүмү.

Осмон архивдеринде Карабахтын армяндары тууралуу эч кандай маалымат жок, бирок колдо болгон бардык документтер XVII–XIX кылымдар-

да армяндардын Карабахта отурукташуу процесси жана элдин этникалык тутумунун өзгөрүшү тууралуу баяндашат.

Саргсяндын «ачылышы», жумшартып айтканда, бул армян тарыхчылары жазгандар менен такыр дал келбейт. Мисалы, Джорж Бурнутян: *«Армян тарыхчыларынын бир тобу 1830-жылдардан кийинки статистика тууралуу сөз кылуу менен, персиялыктар башкарып турган мезгилде Чыгыш Армениядагы армяндардын санын жалпы калктын 30 дан 50 %га чейинки санды келтирүү менен туура эмес эсептешет. (Серж Саргсян армяндардын саны жалпы элдин 95%ын түзөрүн белгилеген!). Чындыгында, расмий статистикалык маалыматтар боюнча, Россияга кошулгандан кийин армяндар чыгыш Арменианын жалпы элинин араң гана 20%ын түзүшкөн, ал эми мусулмандар болсо, 80%ынан ашык болгон.*

*Эмнеси болсо да, Россияга кошулганга чейин армяндар бул жакта эч качан көпчүлүк санда болгон эмес. Камералдык Баяндоодо Чыгыш арменианын бир нече айылдарында армяндар басымдуулук кыларын күбөлөндүргөнүнө карабай, мындай өзгөрүү бул аймактан 35 миң мусулмандардын көчүп кетишинен кийин гана болгону айтылат.*

*Демек, бир да округда персиялык администрация мезгилинде армяндардын көп болгонугу тууралуу эч кандай күбөлөндүрүүчү маалымат жок. Бир*

*гана армяндардын рухий борбору Үч-Килис (Эчмиадзин) жайгашкан Карбибасарскийде гана армяндар жергиликтүү деңгээлде көпчүлүктү түзгөн.*

*Бул жерден миңдеген мусуландардын кетиши жана Персия, Осмон империяларынан 57 миң армян иммигранттарынын келиши менен 1832-жылы христиан элинин саны бир топ өсүп, мусулмандардын саны менен барабар болуп калган.*

*Ошентсе да, 1855-56, 1877-78-жылдары болуп өткөн орус-түрк согуштарынан кийин гана бул аймакка Осмон Империясынан андан да көп армяндар келе баштаган, ал эми мусулмандар андан да көп санда кете башташат да, армяндардын саны көпчүлүккө жетишкен.*

*Бул процесстерен кийин да XX кылымдын башына чейин Иреван шаары мусулмандык бойдон кала берген*[1].

1826-жылдан 1832-жылдарга чейинки аралыкта Иреван жана Нахчыван хандыгында мусулмандардын саны үчтөн бир бөлүккө кыскарып, армяндар келгиндердин эсебинен 3,5 эсеге көбөйгөнү тууралуу статистикалык маалыматтарга таянуу менен Бурнутян төмөндөгүдөй жыйынтыкка келет:

---

[1]Bournoutian, George A. “The Ethnic Composition and the Socio-Economic Condition of Eastern Armenia in the First Half of the Nineteenth
Century.” In Transcaucasia, Nationalism and Social Change: Essays in the History of Armenia, Azerbaijan, and Georgia, by Ronald Grigor Suny, pp. 77-80. Ann Harbor : University of Michigan Press, 1996.

*«Статистикадан көрүнүп тургандай, Россия басып алганга чейин армяндар чыгыш Арменияның жалпы калкынын 20 пайызын, ал эми мусулмандар болсо 80 пайызды түзгөн.*

*Росссия басып алгандан кийин Чыгыш Арменияга Персиядан жана Осмон Империясынан 57 миң армян иммиграннттары келип, отуруктащып, 35 миң мусулман көчүп кеткен.*

*1832-жылы армяндар жалпы калктын жарымын түзүп калган»*[1].

Россиялык статистикалык маалыматтар боюнча, Түркмөнчай келишимин түзгөнгө чейин Карабах хандыгында армяндардын саны андан да аз болгон. *«Россиялык эл каттоодогу маалыматтар боюнча 1823-жылы армяндар Карабах элинин жалпы санынын 9 пайызын гана түзгөн (калган 91 пайызы мусулман катары катталышкан), 1832-жылы 35 пайыз, ал эми 1880-жылы 53 пайызга жетишкен*[2]*»* – деп белгилейт швед автору Сванте Корнелл.

Түркмөнчай келишимин түзгөндөн кийин 1828-жылы Персиядан, Осмон Империясынын чыгыш облустарынан армяндар Иреванга, Нахчыванга жана Карабахка массалык түрдө көчүп келе башташкан.

Бул иш-чараны орус дипломаты жана акын Александр Грибоедов жетектеп, өзүнүн «Армян-

[1] Ibid., p. 79.

[2] Cornell, Svante. Small Nations and Great Powers: A study of Ethnopolitical Confl ict in the Caucasus. Surrey: Curzon Press, 2001,

дардын Персиядан биздин облустарга көчүп келиши тууралуу кат» деген эмгегинде: *«Мусулмандар жайкысын жайлоого көчүп жүрүп, башка диндеги келгиндер менен сүйлөшүүгө мүмкүнчүлүгү болбогондуктан, армяндардын көпчүлүгү помещиктик мусулмандардын жерлерине отурукташып алышкан. Бул отурукташуу мусулмандар көчүп жүргөн жай мезгилинде көбүрөөк ишке ашчу»* – деп жазат.

Муну менен бирге, Грибоедов келечекте армян келгиндери менен жергиликтүү мусулмандар (Камералдык Баяндоонун стастистикасынан көрүнгөндөй, түрктөр, тактап айтканда азербайжандар мусулман болушкан) ортосунда кагылыш болушу мүмкүн экендиги тууралуу алдын ала эскертет:

*«Армяндар убактылуу отурукташкан жерлерин түбөлүккө тартып алат деген коркунучтун көп узабай тургандыгын, мындай көрүнүшкө бир аз чыдап туруулары керек экендигин мусулмандарга айтуу жөнүндө (Аргунтиндик ханзада менен) бир топко сүйлөштүк![1]»*

Армяндардын Карабахка, Иреванга жана Нахчыванга көчүп келиши орус тарыхчысы жана жазуучусу С.Н.Глинка тарабынан 1831-жылы

[1]Грибоедов, Александр С. «Персиядан Армяндарды биздин облустарга көчүрүү тууралуу кат.» Фундаменталдык электрондук китепкана. "Орус адабияты жана фольклор". http://feb-web.ru/feb/griboed/ texts/piks3/3_4_v3.htm (кайрылуу күнү: 30 –октябрь, 2010-ж.)

Москвада жарыкка чыккан *«Арменияның тарыхый мезгилдерин кыскача алдын ала маалымдоо менен, аддербиджандык армяндардын Россиянын чектерине көчүп келишин баяндоосунда»деп абдан так көргөзгөн. «1828-жылдын 26-февралынан 11-июнуна дейре, тактап айтканда, үч жарым ай бою, бул жакка персиядан 8249 армян үй-бүлөсү, б.а., 40 миң армян көчүп келген[1].*

*Кийинки жылдары да бул мурдагы үч хандыкка Осмон Империясынан дагы 90 миң армян көчүп келген[2].*

*1911-жылы дагы орус автору Н.Шавров: «Азыркы учурда Закавказьеде жашап жаткан 1 миллион 300 миң армяндардын бир миллиондон ашыгы жергиликтүү эмес, аларды биз отурукташтырганбыз» –деп жазган.*

*«Армяндар негизинен Елизаветполдун жана Эриван губерниясынын аймагындагы берекелүү жерлерге жайгашкан. Андан сырткары Елизаветпол губерниясынын (Тоолуу-Карабах) Тоолуу бөлүгү жана Гейч көлүнүн жээктеринде да армяндар отурукташтырылган[3]».*

---

[1] Глинка, Сергей Н. Арменияның тарыхый учурларын алдын ала кыскача баяндоо менен Аддербиджан армяндарын Россиянын чектерине көчүрүүнүн баяндалышы. Москва, 1831, 131-б.

[2] Кавказдык Археографиялык Комиссиянын Актысы (АКАК), т. VII, док. 829. Тифлис, 1878, 845-б.

[3] Шавров, Николай И. Закавказьедеги орус ишине жаңы коркунуч: Муганини башка элдерге арзан сатуу. Санкт-Петербург: СПб, 1911, 59-61-бб.

Армяндардын Карабахка, Иреванга жана Нахчыванга көчүп келүүсүнүн тарыхый далили искусство ишмерлеринин да эмгектеринде, башкача айтканда, белгилүү орус сүрөтчүсү В.И.Машковдун 1828-жылы армян элинин Персиядан Араз дарыясынын түндүк жээгине массалык түрдө көчүп келиши тууралуу теманы камтып тарткан картинасында чагылдырылган.

Ошентип, Гористе түрк-мусулман «көчмөн» эли араң 5 пайыздан ашарын жана ал жерде Карабахтын «бир өңчөй» «жергиликтүү» армян эли жашаары тууралуу айтуу менен, Серж Саргсян армяндар менен түрктөрдүн ордун алмашытырып алган жана «көчмөн» деген сөздү дарегине ылайык колдонгон эмес.

Статистикалык маалыматтар жана ошол окуялардын «азербайжандык үгүткө» кызмат кылганына шектенүүгө мүмкүн болбогон замандаштарынын баяндоолору Түркмөнчай келишимине дейре түрк эли армян элине караганда бир топ көп болгондугун, Россияга кошулгандан кийин Карабахка жана азыркы Арменияга (Иреван хандыгы) армян элин көчүрүп келүүнүн негизинде армяндардын санынын кескин өскөнүн күбөлөндүрөт. Муну армян тарыхчылыры өзүлөрү да далилдешкен.

Алардын эч кимиси «түрк көчмөндөрүнүн» «байыркы армян» жерлерине көчүп баргандыгы жана бул облустарда «бир өңчөй армяндардын»

болгондугу тууралуу жазган эмес. Тескерисинче алар, каршы маалыматтарды майда – чүйдөсүнө чейин так сүрөттөшөт.

Армениянын бүгүнкү жетекчилери Карабахтан «түрк-мусулман көчмөндөрүнүн» бул жакка көчүп келүүсүнүн бир жылдыгына карата тургузулган эстеликти табарын кудай билет.

Бирок, 1978-жылы Агдерин районунун Маргушеван айылында Карабахка башка элдин көчүп келишинин 150 жылдыгына карата эстелик курулган.

Кагылышуу башталганда бул монумент эмне болгондугун, эмне себептен Саргсяндын жердештери шашылыш түрдө аны бузушканын Армениянын президенти диаспорадагы өз журналисттерине кийинки жолу айтып берет.

Ошону менен бирге Карабахтын Россиянын тутумуна кирүүсү (Күрөкчай келишими[1]) тууралуу тракtat 1805-жылы эмне себептен кайсы бир армян ханы тарабынан кол коюлбай, түрк (азербайжан) ханы Ибрагим Халил жана Россия императорунун өкүлү генерал Цициановдун ортосунда түзүлгөндүгүн түшүндүрүп кетет. Балким, Ибрагим Халил хан «ал жакта жакында эле пайда болгон» «беш пайыздан

[1] «Карабах ханы менен Россия Империясынын ортосундагы хандыктын Россиянын бийлигине өтүшү тууралуу трактат, 1805-ж., 14-май» azeri.ru. http:// azeri.ru/az/karabakh/412/ (кайрылуу күнү: 16 -августа 2010 –ж.).

турган көчмөн элдин» өкүлү болгондугу үчүн ал тарабынан келишим түзүлсө керек.

Россиялык статистиканын маалыматтары боюнча, болжол менен алганда, ошол жылдары (1810-жылы) Карабах эли 9500 түрк жана 2500 армян үй-бүлөсүнөн турган[1].

Трактаттын текстинде «Армения» же «армяндар» сөзүнүн болбогондугу таң каларлык эмес, ал сөздөр болушу да мүмкүн эмес эле. Ошентсе да бир топ жылдардан кийин Арменияда «Карабахтык армяндардын» Россиянын тутумуна «өз каалоосу менен киргендиги» тууралуу мифти жаратышат.

Академик Ц.П.Агаян азербайжандык агартуучу А.А.Бакихановго арнаган эмгегинде XVIII кылымдагы түндүк-азербайжан хандыгынын картасын басып чыгарган[2].

Ошону менен бирге картада келтирилген эскертүүдө Агаян бул картаны И.Ковалевскийдин «Россиянын Кавказды тартып алышы»[3] деген китебинен дал ошол түрүндө өзгөртүүсүз алгандыгын белгилеп кеткен. Агаян мында жалган жаз-

---

[1] Кавказдык Археографиялык Комиссиянын актысы, т. IV. Комиссиянын төрагасы . А.Д.Берженин редакторлугу менен басылып чыгарылган, док. 37. Тифлис: Кавказдык жер ээсинин башкы башкармалыгынын басмаканасы, 1870, 38-39-бб.

[2] Агаян, Цатур П. А.Бакиханов. Баку: АН Азерб. ССР, 1948, 9-б.

[3] Ковалевский, Павел И. Кавказды Россия тарабынан каратып алуу. (Тарыхый очерк), (чыккан маалыматы жок). Санкт-Петербург: СПб., 1911, . 65, 113-бб.

гандыгы көрүнүп турат, себеби Ковалевскийдин эмгегинде жарыяланган картада бардык хандыктардын, анын ичинде Иреван хандыгынын да аймактары көрсөтүлгөн.Бул айлакер жасалмалоого көрүнүктүү мисал боло алат.

1828-жылдын 21-мартында – азербайжан түрктөрүнүн Нооруз майрамын майрамдоо күнүндө – император Николай I өз көрсөтмөсү менен көп кылымдар бою жашап келе жаткан Иреван жана Нахчыван хандыктарын жоюп жиберген да, бул аймактарда Иран менен Турциядан көчүп келген армяндар үчүн «Армян облусун» түзгөн[1]. ...

Ошону менен Иреван менен Нахчыван хандыктарындагы азербайжандардын жергесинде, келгин армяндардын жаңы мекенге ээ болушуна биринчи кадам жасалган.

Мырза Серж Саргсянга жана анын идеялык – саясый санаалаштары 1918-жылы 28-майда армяндар саясый борбору жок туруп, эгемендүү мамлекет түзгөндүгү тууралуу жарыялашкандыктарын эскерте кетүү ашык болбостур.

1918-жылы 29-майда жаңы гана салтанаттуу жарыяланган Азербайжан Демократиялык Республикасы улуу державалардын кысымы алдында

[1] Россия империясынын мыйзамдарынын толук жыйнагы. (ПСЗРИ). Экинчи жыйнак, т. III, 1828. Санкт-Петербург: СПб, 1830; Кавказдык Археографиялык Комиссиянын актысы т. VII, док. 437, Тифлис, 1878, 487-б.

армяндарга байыркы азербайжан шаары Ирееванды ага жакын жайгашкан аянты болжол менен 9,5 миң чарчы чакырым болгон жерди кошо бошотуп берүүгө аргасыз болгон.

Баса, Арменияныn аймагы азыркы күндө 29 миң чарчы чакырымдан ашык аянтты ээлеп турат. Ал кимдин эсебинен? – деген суроо туулат.

Ошентип, армяндарга белекке берилген, мурда Иреван хандыгына таандык болгон Түндүк Азербайжандын аймагында азыркы Армян мамлекети түзүлгөн.

АДРдин Министрлер Кабинетинин Төрагасы Фатали Хан Хойский дал ушуну менен армяндардын аймактык жер талашуусу токтойт деп ойлогон. Бирок, ал чоң жаңылышыптыр.

Тагдырынын ташы тескери кулап, АДРдин кулашы менен ал Армениянын экспансионисттик саясаты андан ары кандайча өнүгүп жаткандыгын көрүүгө жетишпей калды, себеби 1920-жылы 19-июнда «Дашнакцутюн» «Немезис» партияларынын Осмон Империясынын жана Азербайжан Демократиялык Республикасынын жетекчилерин жок кылуу боюнча жүргүзгөн операцияда, ал армян террористтери-дашнакцакандары Арам Ерканян жана Мисак Киракосян тарабынан Тбилисиде өлтүрүлгөн эле.

Мунун бардыгы – бейтараптык жана армяндык архивдик далилдерге, замандаштардын жана тарых-

чылардын күбөлөндүрмөлөрүнө негизделген тарыхый фактылар.

Муну кантип эсепке албай, андан да жаманы, аны «азербайжандык жасалма» деп жаратпай коюуга болсун?

Балким А.Микояндын ордуна «азербайжандыктар» 1919-жылы Ленинге: *«Армян өкмөтүнүн агенттери дашнактар Карабахты Арменияга кошуу аракетин көрүп жатышат. Бирок, бул Карабахтын эли үчүн Бакудагы өз жашоосунун булагынан ажырап буга чейин эч качан эч кандай мамилеси болбогон Иреван менен байланыш түзүү дегендикке жатат. Армян дыйканчылыгы бешинчи съездде эле Азербайжанга кошулууну чечкен»*[1] – деп жазышкандыр?

Армяндардын өзүлөрү (мисалы, А.М.Назаретян) 1921-жылы июль айындагы Кавбюросунун пленумунда Карабахтын Азербайжандын тутумунда калышы үчүн добуш беришпеди беле?

Карабахтык армяндардын лидерлери (мисалы, Серо Мануцян): «Азербайжандын тутумунда автономия болуу актысы армян дыйкандары тарабынан бир добуштан кабыл алынды» деп, чечимди өзүлөрү колдошподу беле?

Карабах 1921-жылы Азербайжандын аймагында калгандыгы маалымдалган архивдик до-

---

[1] Марксизм-ленинизм институтунун борбордук партиялык архиви (ЦПА ИМЛ), ф. 461, оп. 1, ед.хр.4525, л. 1.

кументтердин жарыяланашына карабай, бүгүнкү Арменияның жетекчилери бүткүл дүйнө жүзүнө өзүлөрү тарабынан ойлонуп табылган, Сталиндин Карабахты Арменияның тутумунан «чыгарып, Азербайжанга «бергендиги» тууралуу мифти «коздоп жарыялоону» улантып келишүүдө. Мындай мифти таркатуу менен алар дүйнөлүк коомчулукту жаңылыштырып, өзүлөрүнө боорукердик сезимди чакырууга умтулушууда.

Бирок, Сталин менен Чичерин Карабахты Арменияга өткөрүп берүүнү жактоочулар болушкан.

Тоолуу Карабахтагы автономдуу облус жасалма түрдө түзүлгөн болчу. Анын чек араларын бекитүү, ал кезде тыгыз жайгашкан,бирок армяндар басымдуулук кылган азербайжан айылдарын негизсиз бириктирүү жолу аркылуу жүргүзүлгөн.

АКП(б)нын БКнын Президиумунун 1923-жылдын 16-сентябрындагы токтомуна ылайык Карабахка аймактагы иштин чоо-жайын текшерүү үчүн тутумунда И.Довлатов, М.Багиров жана Э.Ханбудагов болгон комиссия жөнөйт.

Кийин, текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча, М.Д.Багиров 1923-жылы 8-октябрда АКП(б) нын БКсына жазган докладдык катында: *«Ханкенди, Шуша жана Абдалар райондорунда бир топ мусулман айылдары – Халфалы, Зарыслы, Мусульманлар жана башка элинин саны 8000 ге чейин жеткен айылдар жайгашкан. Аларды Ханкелдиге караганда Абдалардан башкаруу жеңилирээк. Бул мусулман айылдарынын ичинде 1150гө жакын армян жашаган Каладара-*

*си айылы болгондугу үчүн гана бул аймакты толугу менен, жана ага кошуп 10 000 мусулман жашаган Шушу айылын да эмнегедир Ханкендиге бириктирип коюшкан»* – деп жазган.

«Джеваншир уездинде отузга жакын мусулман айылдарынын ичинде бир гана армян айылы жайгашкан, бирок эмнегедир мусулман айылдарынын башын аттап аларды да Ханкелдиге берип коюшкан»[1].

Комиссиялардын отчетторунан көрүнүп тургандай, «жеринин тардыгы» үчүн дайыма арызданып турушкан армяндарга мусулман көрүстөндөрүнөн да жерлер берилип турган.

Тоолуу Карабахтын Автономдуу облусу түзүлүп жатканда ал 4160,5 чарчы чакырым аянтка[2] ээ болчу.

Эки жылдын ичинде эле (1923–1925-жж.) Азербайжан ССРинин жер фондунан Тоолуу Карабахтын Автономдуу облусуна 16 миң чарчы м.ден ашык жер бөлүнүп берилген[3].

---

[1] Азербайджан Республикасынын президентинин иштерин башкаруу башкармалыгынын алдындагы саясый документтердин архиви (АПДУДПАР), ф.1, оп.74, д.136, 4-8-бб.

[2] Азербайджандык айылчарбалык каттоо 1921-ж. АССРдин, Тоолуу Карабахтын кайрадан уюшулган уезддериндеги жана чек аралары өзгөртүлгөн уезддердеги айылдык коомчулуктар боюнча жыйынтыктар Т. III. чыг. XVII. Баку: АзЦСУ, 1924, 9-б.

[3] Азербайжан ССРинин Тоолуу Карабах Автономдуу облусунун уюшулуш тарыхына. 1918–1925-жж. Документтер жана материалдар. Баку: Азернешр, 1989, 295-б.

ТКАОнун аймагы, ошентип, үзгүлтүксүз кеңейип турган, жана 1933-жылдын 1-январына анын аймагы 4431,7 чарчы чакырымды түзгөн[1].

Совет бийлиги мезгилинде Арменияньн өзүнө Азербайжан ССРине таандык болгон бир топ жерлер өткөрүлүп берилген.

Армениядa совет бийлиги орногондон кийин, 1920-жылы декабрь айында ага Зангезур өткөрүлүп берилген. Андан соң, эки жылдан кийин, азыр эми «армяндык» Зангезурга кошумча жерлер да кошулуп берилген.

Азербайжан ССРинин жер иштетүү боюнча Эл Комиссариаты тарабынан даярдалган Тил катта: *«Азербайжан ССРинин бардык аймагы 7.989.105 ондукту түзгөн. Көрсөтүлгөн жалпы аянттан: а) Газах уездинен Арменияга 379.984 теше жер, б)мурдагы Зангезур уездинен Арменияга 405.000 теше жер аянты бөлүнүп берилген»*[2] – деп маалымдалган.

Жерди иштетүү Эл Комиссариатынын жерге жайгаштыруу башкармалыгынын 1920-1923-жылдар үчүн жазылган отчетунда мындай деп айтылат: *«Мурда Азербайжандын ээлигинде болуп, Зангезур, Джеваншир жана Газах уезддеринин чек араларында жайгашкан 150.000 тешеге чейинки жайкы жайыттардын бөлүгү азыр Арменияга өткөрүлүп берүү менен бул эки республиканын ортосунда талашка*

---

[1] АССРдин социалисттик курулушу. Статистикалык жыйнак. Баку: Союзоргучет, 1935, 9-б.

[2] Азербайджан Республикасынын Мамлекеттик архиви (ГААР), ф.28, оп.1, д.155, 19-20-бб.

*түшүп турган чекке кирди. Анын негизинде бул жайыттарды чындап колдонуучулар – азербайжандык малчылар – ал жакка көчүп жүрүүдө бир топ кыйынчылыкка дуушар болушууда»[1].*

1929-жылдын 18-февралында Арменияга тарыхый азербайжандык Зангезурдун акыркы бөлүгү – Иран менен болгон чек арага жакын жайгашкан анын түштүк бурчу – өткөрүлгөн.

Закавказдык Борбордук аткаруу Комитетинин 1929-жылдын 18-февралындагы токтому менен Арменияга ойдуңдуу Карабахтын аймактары – Азербайжан ССРинин Джебраил уездинин Нюведи, Ейнадзор, Тугут айылдары[2], ошону менен бирге Ордубасар уездинин Кяркиван айылы жана Килид айылынын бир аз бөлүгү[3] өткөрүлүп берилген. Булардан кийин азербайжан элдери жашаган «армяндык» жаңы жерлерде Армян ССРинин ошол мезгилге чейин кабары да болбогон Мегрин уезди жасалма жол менен түзүлгөн.

Азербайжандын көпчүлүк бөлүгүнөн Нахчыванды ажыратып алуу менен түрк дүйнөсүнүн ичине географиялык тилкени жасалма жол менен түзүү дал ушинтип аяктаган.

---

[1] Азербайджан Республикасынын Мамлекеттик архиви (ГААР), ф.2502, оп.1, д.20, лл. 56–57-бб.

[2] Азербайджан Республикасынын Мамлекеттик архиви (ГААР), ф.2502, оп.1, д.26, л. 98 об.

[3] Азербайджан Республикасынын Мамлекеттик архиви (ГААР), ф.2502, оп.2, д.26, л. 99.

Арменияның ошол эле токтому менен Нахчывандын башка айылдары: Гурдгулаг, Горадиз, Хачик, Агбин, Агхач, Алмалы, Дагалмалы, Итгыран, Султанбей – да өткөрүлүп берилген.

Ошентип 1933-жылга Нахчыван автономиясынын аймагы Карсак келишими аныктаган баштапкы 5988 чарчы чакырымдан[1] 5329,6 чарчы чакырымга[2] чейин жеткен.

Арменияда азыркы жашап жаткан муун жакында эле өткөн жаңы окуяга күбө болгон фактыларын төгүндөөдөн да, болуп өткөндөрдү бурмалоодон да, себептердин жана натыйжалардын ордун алмаштыруудан да уялып коюшпайт.

Мисалы, армяндар бардык жактарда Сумгайытта, Кировабадда, Бакуда болгон кыйратуулар тууралуу айта беришет, бирок алар өзүлөрү Гафанда, Мегриде, Аскеранда, Гукаркадагы кыйратууларга жана киши өлтүрүүлөргө катышкандыктары жана анын негизинде Арменияда армяндарга караганда, азербайжан улутундагы көптөгөн жашоочулар жабыр тарткандыктары тууралуу эч сөз чыгарышпайт.

Союздук прокуратуранын материалдарында чагылдырылып таныл кетүүгө мүмкүндүк бербеген далилдерге, күбөлөрдүн жана жабыр тартуучулардын көрсөтмөлөрүнө карабастан, Арменияда армяндардын Сумгайытта жана башка шаарларда өз уруулаш-

---

[1] Azərbaycan Xalq Cumhuriyyəti Ensiklopediyası. II cild. Bakı: Lider, 2005, s. 250.

[2] АССРдин социалисттик курулушу. Статистикалык жыйнак. Баку: Союзоргучет, 1935, 9-б.

тарын өлтүрүүгө катышкан фактыларын эскертүүнү каалашпайт (айрым учурларда бул маалыматтарды танып, «ойдон чыгарылган» деп да аташат).

Гукаркада же Арменияның башка райондорунда, сумгаит киши өлтүргүчү Э.Григорян сыяктуу өзүнүн уруулаштарына каршы кыйратууларга катышкан бир азербайжан болуптурбу?

Өз үйүндө азербайжанды жашырып, коңшусунун өмүрүн сактап калган жок дегенде бир Армян табылдыбы?

Авиакырсыктын негизинде каза болгон югославиялык алты куткаргычтын элесине арнап эстелик тургузушту, бирок Арменияда 1988-жылы кырсык болгон аймакка жардамга шашып бараткан, бирок иш-аракеттери алиге дейре иликтенбей кала берген армян абадиспетчерлеринин түшүнүксүз, карама-каршы келген буйруктарынын негизинде каза болгон 79 азербайжан куткаргычтардын үй-бүлөлөрүнө (жок дегенде элементардык адептик үчүн) оозеки түрдө да көңүл айтып коюшкан жок.

Союздук мамлекеттердин жашап жаткан акыркы жылдарында мурдагы ТКАОун Азербайжандын тутумунан чыгаруу аракети бир тараптуу мүнөзгө ээ болгон, СССРдин Конституциясынын бир нече беренелерине карама-каршы келген жана СССРдин 1990-жылдын 3-апрелиндеги «Союздук республиканын СССРден чыгуусу менен байланышкан маселелерди чечүү тартиби тууралуу»Мыйзамынын жоболорун бузган.

Ошондуктан сепаратисттердин бул бардык аракеттери аны кабыл алгандан баштап юридикалык күчкө ээ боло алган эмес.

СССРдин кулашы менен анын ордуна эл аралык коомчулук тарабынан таанылган жана БУУга мурдагы чек аралары менен кабыл алынган 15 эгемен мамлекет түзүлгөн.

БУУнун адам укугун коргоо боюнча комиссиянын мүчөсү А.Эйде белгилегендей, *«БУУнун алкагында союздук республикалардын чек аралары мурдагы СССРдегидей да, мурдагы Югославиядагыдай да этникалык жайгаштыруунун негизинде эмес, мурда федерациянын союздук республикаларынын чек аралары катары жашаган чек аралар гана жаңы деп эсептелиши керек дегенди туюндурган uti possidetis juris талаптын негизинде бекитилиши керектиги жөнүндө консенсус иштелип чыккан»*[1].

ПАСЕнин докладчысы Д.Аткинсон 2004-жылы 29-ноябрдагы докладында: *«Азербайжан аймагынын көпчүлүк бөлүгү армян күчтөрү тарабынан басылып алынгандыгын» көрсөткөн, ошону менен бирге «Азербайжандын чек арасы, эл аралык коомчулук тарабынан территориясы Тоолуу-Карабах аймагын камтыган өлкө болуп 1991-жылы эгемендүү мамле-*

[1] Eide, Asbjorn. «Territorial integrity of States, minority protection and guarantees for autonomy arrangements: approaches and roles of the Untied Nations.» Local self-government, territorial integrity and protection of minorities. Lausanne: Council of Europe Publishing, 1996, p. 282.

*кет катары кабыл алынган учурда таанылганды-гын»*[1] өзгөчө баса белгилеп кеткен.

Армяндардын саясый тарыхы,армяндардын улуттук ички дүйнөсү, алардын саясатчыларынын жана идеологдорунун аракетинин натыйжасында түрктөрдөн коркуу, азербайжан жана түрк элине жек көрүү сезимине толгон деп айтууга негиз берет. Армян мамлекетинин жашап турушун колдоочу армянчылыктын бул залалдуу көз карашынын эң негизги себеби «1915-жылкы геноцид», «Карабахты, Джавахканы» жана башка аймактарды «басып алуу» сыяктуу идеялык-саясый багыт экендигин алар жашырбайт дагы.

Мындай келжирек идеяларды ишке ашырууга багытталган азыркы көз караш,армяндык террористтердин жана сепаратисттердин эң оор кылмыштарын да актап коё алат.

Армения тарыхты жасалмалап эл аралык уюмдарга бул байыркы армян жери экендигин «далилдөө менен» өзүлөрүнө Тоолуу Карабахты каратып алууга мүмкүнчүлүк болот деп үмүттөнөт.

С.Саргсян менен тарыхый жасалмалоонун лабораториясында эмгектенген армяндык «интеллектуалдар» тарыхый процесс артка эмес алга жылып баратканын эбак түшүнүшү керек эле.

---

[1] Atkinson, David. “The confl ict over the Nagorno-Karabakh region dealt with by the OSCE Minsk Conference.” Council of Europe. 29 Ноября, 2004 г. http://assembly.coe.int/Main.asp?link=/Documents/Working- Docs/Doc04/EDOC10364.htm (кайрылуу күнүя: 20 –октябрь, 2010 -ж.).

Ал эми Тоолуу Карабах же байыркы аталыштагы Арцах – байыркы албан жери экендиги армян тарыхчылары тарабынан да далилденген. Мисалы, С.Т.Еремян мындай деп жазат: *«Арабга чейинки мезгилге таандык болгон христиан эстеликтеринин көп бөлүгү байыркы Албаниянын армяндаштырылган бөлүгүндө, байыркы албандын Арцах, Утик облустарынын аймагында сакталып калган»*[1].

Бирок бизди башка бир нерсе – калп сүйлөп, жалган мамиле аркылуу дүйнөлүк коомчулуктун айрым мүчөлөрүн өзүнө тартып алуу аракетин көрүп жаткан жасалмачылардын жана аларга көрсөтмө берген саясатчылардын уятсыздыгы таң калтырат.

С.Саргсян өз абалынан пайдаланып армян элинин тагдыры менен ойнобосо болмок. Буга дейре эч ким өзүнүн кылмыштары үчүн мекендештеринин каарынан кутулуп көргөн эмес. Азыркы учурда мамлекеттик чек аралар мифтердин жана байыркы жазуулардын негизинде аныкталбасын жана кайсы бир территорияда монастырлардын болушу же улуттук азчылыктын жашашы менен өзгөрбөсүн билүүгө убакыт келип жетти.

Болбосо дүйнөнүн саясий картасы бүгүн такыр башкача болуп калмак (мисалы, Армения кайрадан эгемендүүлүгүнөн ажырап, кайра жаралган Рим Империясынын тутумуна кайрылып кирмек, ал эми армяндардын чыгаандары Фригияга кайтып

---

[1] СССР тарыхынын очерктери (III-IX кк.). Москва: АН СССР, 1958, 326-бб.

бармак), БУУ өз уставын иштеп чыгуунун ордуна археологиялык маалыматтарды жана манускриптерди чогултуу жана үйрөнүү иштери менен алек болмок, ал эми Коопсуздук Кеңеши тарыхчылар арасында дебаттарды өткөрүү жайына айланмак.

Арменияның жетекчилери азыркы мезгилде территориялык маселелер «ким кайда жашаган жана ким кайда көчкөн?» деген талаптагы тарыхый контекстте эмес, эл аралык укуктун негизинде чечилерин, өзүлөрүн жана өз коомчулугун бул сыяктуу провинциалдык ой-жүгүртүүлөрүнөн тез аранын ичинде кутулушу керектигин түшүнүүгө убакыт келди.

Тарыхты бурмалоо жана эстеликтерди жок кылуу, алар канчалык деңгээлде ийгиликтүү болсо дагы, башка мамлекеттердин территорияларын басып алууга негиз болуп бере албайт.

Чек араларды мажбурлап өзгөртүү ар дайым согушка алып келген.

Ал эми саясий жетекчилер өз элин кагылышка түрткүлөбөй, согуштан сактап турушу керек.Азербайжан колдоп турган улуттун өзүн-өзү аныктоо укугу каалаганын жасай берүүгө жана чек араларды каалагандай өзгөртүүгө уруксат бербейт.

Арменияның бул укукту бурмалоосу жарабаган нерсе. Болбосо дүйнөдө бүгүн улуттук азчылык болмок эмес, себеби алар кичинеден болсо да өзүн-өзү аныктоо укугун колдонушмак, өзүлөрүн дүйнөлүк коомчулуктун эркин субъектиси катары жарыялашмак жана эл аралык таанууну сураныщмак.

Бул принциптин ушул сыяктуу примитивдүү түшүндүрүүсүнө негизделген чочулоо, Армения-

нын бийлигин азербайжандарды мурдагы Иреван хандыгы турган эзелки жеринен пландуу түрдө кубалоого, өз мамлекетин моноэтникалык мамлекетке айландырууга, андан соң Азербайжандын басып алынган бөлүктөрүндө этникалык тазалоо жүргүзүүгө мажбурлагандыгы белгилүү болду.

Улуттук азчылыктардын (Тоолуу Карабахтын армяндары ) өзүн-өзү аныктоо принциптери көптөгөн конвенцияларда жана документтерде бекитилген, жана алар Армяндар жакшы билгендей эл аралык укуктун алкагында гана ишке ашышы мүмкүн.

Армян-Азербайжан, Тоолуу-Карабах кагылышын жөнгө салуу үчүн укуктук негиз катары 1975-жылы Хельсинкиде бекитилген Акт эсептелет. Анда өзүн-өзү аныктоо укугу мамлекеттин территориялык бүтүндүгүнүн алкагында бекитилген.

Тоолуу Карабах Азербайжандын бөлүгү болгон жана болуп кала бермекчи. Ал БУУ, ОБСЕ, Европа Биримдиги, Европарламент, ОИК, НАТО, ГУАМ сыяктуу эл аралык кадыр–барктуу уюмдар, көптөгөн мамлекеттердин парламенттери жана башчылары тарабынан таанылган.

Ал ОБСЕнин жеке армян коомчулугунун жетекчилери менен гана эмес, Тоолуу Карабахтын азербайжан коомчулугунун жетекчилери менен да жолугушууларды өткөргөн жана өзүлөрүнүн азербайжандын территориясынан аймакка баруусун «чек араны эмес, аскерлерди бөлүп турган сызыкты кесип өтүү» деп атаган, өз билдирүүлөрүндө Ханкендини армян аталышынан сырткары та-

рыхый аталышы менен да атаган Минск тобунун теӊ төрагалары тарабынан да Азербайжандын бир бөлүгү катары таанылган..

БУУнун Коопсуздук Кеӊешинин резолюцияларында Тоолуу Карабах «Азербайжан Республикасынын Тоолуу-Карабах региону» катары аталып келет.

Мындай аталышты дагы башка эл аралык уюмдардын документтеринен жолуктурууга болот.

Арменияда саптар арасын окууну жана бул нюанстардын бардыгын байкоону алигиче үйрөнө элек болсо, анда дүйнөлүк коомчулук аларды колдобогондугун түшүнүү үчүн ал тууралуу түз бетке айтылган документтерге кайрылышсын.

Армян жетекчилеринин кептеринен гана «Тоолуу–Карабах Республикасы» деген аталышты угууга болот.

Армениялык пикирдин мындай жалгыздыгына карабай, алар өзүлөрүн жана өз жарандарын дүйнөлүк коомчулук алардын «үмүт-тилегин» колдойт деген кыял менен тойгузуп келе жатышат.

Басып алган территорияда түзүлгөн марионеттик псевдореспублика эч ким тарабынан таанылган эмес. Аны жалгыз гана Армения тарабынан таануу бул мыйзамсыз уюшулган өлкөгө легитимдүүлүктү бербейт жана Арменияныn өзүнүн абалын мындан ары да татаалдантат. Серж Саргсян Гористеги өзүнүн кебинде реалдуулукту сезүүнүн ордуна меймандарга туура эмес кеӊештерди берген. Бул кетирилген кемчиликтердин залалын Арменияныn келечектеги муундары тартаарын түшүнүү кыйын деле эмес...

## БИБЛИОГРАФИЯ

1. Abbott, Keith E. «Extracts from a Memorandum on the Country of Azerbaijan.» Proceedings of the Royal Geographical Society of London, Vol. 8, No. 6, 1863-1864: p. 275-279.

2. Adshead, Samuel Adrian Miles. China in World History. London: Macmillan, 2000.

3. Atkinson, David. «The confl ict over the Nagorno-Karabakh region dealt with by the OSCE Minsk Conference.» Council of Europe. 29 -ноябрь, 2004-ж.. http://assembly.coe.int/Main. asp?link=/Documents/WorkingDocs/Doc04/EDOC10364.htm

4. Bournoutian, George A. «The Ethnic Composition and the Socio-Economic Condition of Eastern Armenia in the First Half of the Nineteenth Century.» В Transcaucasia, Nationalism and Social Change: Essays in the History of Armenia, Azerbaijan, and Georgia, түзүүчү Ronald Grigor Suny, 77-80. Ann Harbor: University of Michigan Press, 1996.

5. Cheetham, Samuel. A History of the Christian Church during the First Six Centuries. New York: Macmillan and Co., 1905.

6. Cornell, Svante. Small Nations and Great Powers: A study of Ethnopolitical Confl ict in the Caucasus. Surrey: Curzon Press, 2001.

7. Dowsett, Charles. J. F. «The Albanian Chronicle of Mxit'ar Gos.» Bulletin of the School of Oriental and African Studies, University of London, Vol. 21, No. 1/3, 1958: 475.

8. Eide, Asbjorn. «Territorial integrity of States, minority protection and guarantees for autonomy arrangements: approaches androles of the Untied Nations.» Local self-government, territorial integrity

and protection of minorities. Lausanne: Council of Europe Publishing, 1996. 282.

9. Harnack, Adolph von. The Expansion of Christianity in the First Three Centuries. London: Williams & Norgate, 1905.

10. Lockyer, Herbert. All the Postles of the Bible. Grand Rapids: Zondervan, 1988.

11. Minorsky, Vladimir. «Caucasica IV .» Bulletin of the School of Oriental and African Studies, University of London, Vol. 15, No. 3., 1953: p. 504.

12. Pastermadjian, Herand. Histoire de l'Armenie. Paris (1st edn, 1949, 2nd edn, 1964), 1949.

13. Shahid, Irfan. Rome and the Arabs: A Prolegomenon to the Study of Byzantium and the Arabs. Washington D.C.: Dumbarton Oaks, 1984.

14. Strabo. Geographica, XI, XIV.

15. Suni, Ronald G. «What Happened in Soviet Armenia?» Middle East Report, No. 153, Islam and the State, July - August, 1988: 37.

16. Suny, Ronald G. Looking Toward Ararat: Armenia in Modern History. Indianapolis: Indiana University Press, 1993.

17. Waal, Thomas de. Black Garden: Armenia and Azerbaijan through peace and war. New York: NYU Press, 2003.

18. Azərbaycan Xalq Cumhuriyyəti Ensiklopediyası. II cild. Bakı: Lider, 2005.

19. Агаян, Цатур П. А.Бакиханов. Баку: АН Азерб. ССР, 1948.

20. Азербайджандык айылчарбалык каттоо 1921-ж. АССРдин, Тоолуу Карабахтын кайрадан уюшулган уезддериндеги жана чек аралары өзгөртүлгөн уезддердеги айылдык коомчулуктар боюнча жыйынтык-

тар Т. III. чыг. XVII. Баку: АзЦСУ, 1924.
21. Кавказдык Археографиялык Комиссиянын актысы, т. IV. Комиссиянын төрагасы . А.Д.Берженин редакторлугу менен басылып чыгарылган, док. 37. Тифлис: Кавказдык жер ээсинин башкы башкармалыгынын басмаканасы, 1870.
22. Кавказдык Археографиялык Комиссиянын актысы т. VII, док.437, 487б. Тифлис, 1878.
23. Кавказдык Археографиялык Комиссиянын актысы т. VII, док. 829. Тифлис, 1878.
24. Алиев, Играр. Тоолуу Карабах: Тарых. Факты. Окуялар. Баку: Элм, 1989.
25. «Армения: Закавказьенин жарды тууганыбы же инвесторго келишимдүү бейтаанышпы?» Биржалык Лидер. 24 –октябрь, 2010 –ж. http:// profi -forex.org/news/entry1008057044.html (кайрылуу күнү: 30-октябрь, 2010-ж.).
26. Азербайджан Республикасынын президентинин иштерин башкаруу башкармалыгынын алдындагы саясый документтердин архиви (АПДУДПАР), ф.1, оп.74, д.136.
27. Велиханова, Наиля М. «Арабдык каратып алуулардын негизинде Азербайжандын тарыхый географиясын өзгөртүү» Азербайжандын тарыхый географиясында, 53, 58. Баку: Элм, 1987.
28. Геродот. Тогуз китептен турган тарых. Ленинград: Илим,1972.
29. Глинка, Сергей Н. Арменияныn тарыхый учурларын алдын ала кыскача баяндоо менен Аддербиджан армяндарын Россиянын чектерине көчүрүүнүн баяндалышы. Москва, 1831.
30. Азербайджан Республикасынын Мамлекеттик архиви. (ГААР), ф.2502, оп.1, д.20.

31. Азербайджан Республикасынын Мамлекеттик архиви (ГААР) ф.2502, оп.1, д.26, л. 98 об.

32. Азербайджан Республикасынын Мамлекеттик архиви (ГААР), ф.2502, оп.2, д.26, л. 99.

33. Азербайджан Республикасынын Мамлекеттик архиви (ГААР), ф.28, оп.1, д.155.

34. Грибоедов, Александр С. «Армяндары Персиядан биздин облустарга көчүрүү тууралуу кат.» Фундаменталдык электрондук китепкана. «Орус адабияты жана фольклор». http://feb-web.ru/feb/griboed/ texts/ piks3/3_4_v3.htm (кайрылуу күнү: 30-октябрь, 2010-ж.)

35. Джаукян, Геворк Б. Жалпы жана армян тил илими.Ереван: АН Арм. ССР, 1978.

36. Дьяконов, Игорь М. «Армян тилинин тарыхына (фактылар, күбөлөндүрмөлөр жана логика жөнүндө).» Тарыхый-филологиялык журнал Но. 4, 1983: 166.

37. Армян элинин байыркы мезгилден азыркы күнгө чейинки тарыхы. П/р проф. М.Нерсисяна. Ереван: АН Арм. ССР,1980.

38. Азербайжан ССРинин Тоолуу Карабах Автономдуу облусунун уюшулуш тарыхына. 1918–1925-жж. Документтер жана материалдар. Баку: Азернешр, 1989.

39. Каланкатуйский, Моисей. Агван тарыхы. Санкт- Петербург: СПб., 1861.

40. Ковалевский, Павел И. Кавказды Россия тарабынан каратып алуу (Тарыхый очерк), (чыккан күнү белгисиз). Санкт-Петербург: СПб., 1911.

41. Крымский, Агафангел Е. «Түндүк же Кавказдык Азербайжандын тарых барактарынан (Кавказдык Албания)» Е.Ф.Ольденбургга арналган макалалардын жыйындысы. Илимий-коомдук ишмердиктин 50 жылдыгына. 289–290 -бб. Москва, 1934.

42. Крымский, Агафангел Е. «Түндүк же Кавказдык Азербайжандын тарых барактарынан (Классикалык Албаниянын).» Академик Н.Я.Маррдын элесине. (1864-1934). Москва, 1938.

43. Меликишвили, Георгий А. Байыркы грузиянын тарыхына. Тбилиси: Груз. ИА. ССР, 1959.

44. «Армениядагы миграция: оңго караганда, терс көп» БУУнун үналгысы. 2010-ж. 14-май.. http:/ / www.unmultimedia. org/radio/russian/detail/69756.html (кайрылуу күнү: 20 -Сентября 2010-ж.).

45. Орбели, Иосиф. «Гасан-Джалал – Хачен ханы» тандалган эмгектер. Түзүүчү Иосиф Орбели, Ереван: Арм. ИА. ССР, 1993, .

46. Избранные труды. Ереван: АН Арм.ССР, 1963.

47. СССР тарыхынын очерктери (III-IX кк.). Москва: АН СССР, 1958.

48. Матенадарандын персия документтери (көрсөтмөлөр, түзүүчү А.Д.Папазян). чыг. I (XV–XVII кк.). Ереван, 1956.

49. Матенадарандын перс документтери (көрсөтмөлөр, түзгөн А.Д.Папазян). чыг.II (1601–1650 гг.). Ереван, 1959.

50. Россия империясынын мыйзамдарынын толук жыйнагы. (ПСЗРИ). Экинчи жыйнак, т. III, 1828. Санкт-Петербург: СПб, 1830; Кавказдык Археографиялык Комиссиянын актысы т. VII, док. 437, Тифлис, 1878,

51. АССРдин социалисттик курулушу. Статистикалык жыйнак. Баку: Союзоргучет, 1935

52. Тер-Нерсесян, Сирарпи. Армения: Тиричилик, дин, маданият. Москва: Центрполиграф, 2008.

53. «Карабах ханы менен Россия Империясынын ортосундагы хандыктын Россиянын бийлигине өтүшү тууралуу трактат, 1805-ж., 14-май» azeri.ru. http:// azeri.ru/az/ karabakh/412/ (кайрылуу күнү: 16 -августа 2010 –ж.).

54. Флавий, Арриан. Александр жүрүшү. Москва: АМН СССР, 1962.

55. Хоренаци, Мовсес. Арменияныn тарыхы. Москва, 1858.

56. Хоренаци, Мовсес. « Арменияныn тарыхы, 2-китеп, 8 –глава (Аждахактын тукумунан мамлекетте экинчи адамды мардын падышасын дайындоо) Ереван: Айастан, 1990.» «Вехи» китепканасы. http:// www.vehi.net/istoriya/armenia/khorenaci/02.html (кайрылуу күнү: 30 -октябрь, 2010 –ж.).

57. Арменияныn тарыхы, 3-китеп, 3-глава (Ыйык Григористин варварлардын колунан каза табышы). Ереван: Айастан, 1990.» «Вехи» китепканасы. http://www.vehi.net/istoriya/armenia/khorenaci/03.html (кайрылуу күнү: 30-октября 2010-ж.).

58. Марксизм-ленинизм Институтунун борбордук партиялык архиви (ЦПА ИМЛ), ф. 461, оп. 1, ед.хр.4525, л. 1.

59. Шавров, Николай И. Закавказьедеги орус ишине жаңы коркунуч: Муганини башка элдерге арзан сатуу. Санкт-Петербург: СПб, 1911, 59-61-бб.

60. «Карабах ханы менен Россия Империясынын ортосундагы хандыктын Россиянын бийлигине өтүшү тууралуу трактат, 1805-ж., 14-май» azeri.ru. http:// azeri.ru/az/karabakh/412/ (кайрылуу күнү: 16 -августа 2010 –ж.).

61. Шаумян, Степан Г.Тандалган чыгармалар. Т.2. Москва: Политиздат, 1978.

62. СССРдин этникалык одонтологиясы. Москва: Илим, 1979.

63. Яков Я. Рогинский, Григорий М. Левин. Антропология, Москва: Высшая школа, 1963.

**Мехтиев Рамиз**

**Горис–2010:**
**Абсурд театрынын сезону**

Редактор: *Жумадин Кадыров*
Компьютерге калыпка салган:
*Нургазы Жуманалиев*
Мукабасын иштеген: *Мырзабек Кадыров*

Форматы 60х84$_{1/32.}$
Көлөмү. Тиражы 1000.
Заказы № 41.

«Бийиктик» басмасы
720040, Бишкек шаары,
Ю. Абдрахманова көч, 170а.
Тел. 66–17–25.